# ВЕСТНИК ПРОСТРАНСТВО УЧЁНЫХ В МИРЕ

Журнал включён в Российский индекс научного цитирования (РИНЦ)

Электронный периодический научный журнал



Бишкек - 2025

**ВЕСТНИК ПРОСТРАНСТВО УЧЁНЫХ В МИРЕ / 2025 №5**

**Электронный периодический научный журнал**

## ОСНОВНЫЕ РАЗДЕЛЫ:

**01.00.00 ФИЗИКО-МАТЕМАТИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**02.00.00 ХИМИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**03.00.00 БИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**04.00.00 ИННОВАЦИОННЫЕ ТЕХОЛОГИИ**

**05.00.00 ТЕХНИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**06.00.00 СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫЕ НАУКИ**

**07.00.00 ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ И АРХЕОЛОГИЯ**

**08.00.00 ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**09.00.00 ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ**

**10.00.00 ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**11.00.00 ЮРИДИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**12.00.00 ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**13.00.00 МЕДИЦИНСКИЕ НАУКИ**

**14.00.00 ИСКУССТВОВЕДЕНИЕ**

**15.00.00 ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**16.00.00 СОЦИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**17.00.00 ПОЛИТОЛОГИЯ**

**18.00.00 КУЛЬТУРОЛОГИЯ**

**19.00.00 ВЕТЕРИНАРНЫЕ НАУКИ**

**20.00.00 НАУКА О ЗЕМЛЕ**

# ВЕСТНИК ПРОСТРАНСТВО УЧЁНЫХ В МИРЕ / 2025 №5

**Электронный периодический научный журнал**



## ГЛАВНЫЙ РЕДАКТОР

**БЕЛЕК УУЛУ ЭСЕНБЕК** – Учредитель компании ОсОО «БЭА ком». Генеральный директор ОсОО «БЭА ком». Главный редактор Вестник пространство учёных в мире. Начальник отдела редакции и наукометрического анализа. Председатель Совета молодых ученых (Бишкек, Кыргызстан)

## ЗАМЕСТИТЕЛЬ ГЛАВНОГО РЕДАКТОРА:

**ЧОРТОМБАЕВ УЛАН ТЫРГООТОВИЧ** – Доктор экономических наук, и.о., профессора, зав. кафедры геодезии и геоинформатики, Кыргызского государственного технического университета имени И. Раззакова. Заместитель главного редактора Вестник пространство ученых в мире (Бишкек, Кыргызстан)

**ЖОРОЕВА АЙНУРА МАМАТОВНА** – Кандидат экономических наук, доцент, начальник отдела науки Джалал - Абадского государственного университета имени Б. Осмонова. Заместитель главного редактора Вестник пространство ученых в мире (Бишкек, Кыргызстан)

**КЕРИМОВ ТОЛОГОН КЕРИМОВИЧ** – Советник Генерального директора ОсОО «БЭА ком», Заместитель Главного редактора, координатор Вестник пространство ученных в мире (Бишкек, Кыргызстан)

## РЕДАКЦИОННАЯ КОЛЛЕГИЯ:

**Чортонбаев Тыргоот Джумадиевич** - Доктор сельскохозяйственных наук, профессор кафедры биотехнологии и химии Кыргызского национального аграрного университета им. К.И. Скрябина

**Умарова Мария Умаровна -** Доктор экономических наук, и.о., профессора, заведующая кафедрой прикладной информатики и информационных технологий Кыргызского национального аграрного университета им. К.И.Скрябина.

**Асаналиев Абдыбек Жекшеевич** - Доктор сельскохозяйственных наук, профессор кафедры растениеводство и защита растений, Кыргызского национального аграрного университета им. К.И.Скрябина

**Омуралиев Нурбек Ашимканович** – Доктор социологических наук, профессор, Центр социальных исследований Национальный академия наук Кыргызской Республики

**Сабирова Умида Фархадовна** – Доктор социологических наук, профессор. Заместитель главного редактора журнала ВАК "Гуманитарные науки". Национальный университет Узбекистана имени Мирзо Улугбека

**Ажибаева Айнура Жакшимбековна -** Доктор педагогических наук, профессор. Таласский государственный университет

**Жумалиев Самат Субанкулович -** Доктор филологических наук, профессор. Таласский государственный университет

**Сулайманова Света Мукашовна -** Доктор физико-математических наук, профессор кафедры прикладная информатика и информационные технологии. Кыргызский национальный аграрный университет им. К.И.Скрябина.

**Тургунбаев Кубанычбек Токтоназарович** - Доктор сельскохозяйственных наук, профессор. Заведующий кафедрой лесоводства и плодоводства факультета агрономии и лесного хозяйства, Кыргызского национального аграрного университета им. К.И.Скрябина

**Жумалиев Тургунбек Жолдошалиевич** - Кандидат физико-математических наук, доцент, Декан факультета Экономики и менеджмента. Кыргызский национальный аграрный университет им. К.И.Скрябина

**Кудайбергенова Жылдыз Абыкановна** - Кандидат педогогических наук наук, доцент. заведующая кафедрой отделения среднего профессионального образования «Информационные технологии» Кыргызского национального аграрного университета им. К.И. Скрябина

**Андашев Улан Турдубекович** - Кандидат юридических наук, доцент кафедры гражданского, трудового и экологического права. Кыргызский национальный университет им. Ж.Баласагына

**Ибраева Нурила Мукашевна** - Кандидат экономических наук, доцент. Заведуюшая отделом аспиантуры и доктарантуры Кыргызского национального аграрного университета им. К.И. Скрябина

**Исмаилова Кульнара Джанчаровна -** Кандидат технических наук наук, доцент кафедры гидротехнического строительства Кыргызского национального аграрного университета им. К.И. Скрябина

**Исмаилов Аскарбек Кожомбекович** - Кандидат юридических наук, доцент, декан факультета Гуманитарных и естественных наук Международного Кувейтского университета

## РАЗДЕЛ: БИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК 542.54.07**

**Маматураимова Н. А., Усенбай к Д.**

# ИЧИЛҮҮЧҮ СУНУН КУРАМЫНДАГЫ ТУЗДАРДЫН АНАЛИЗИ

***Аннотация.*** *Бул макалада суулардын курамы, алардын аныктоонун методдору жана эксперименталдык бөлүк каралган. Минералдык суу - бул өтө кең түшүнүк, так аныктамасы жок. Гидрогеологдор жана бальнелогдор кандайдыр бир минералдык, органикалык компоненттердин же газдардын концентрация-сынын жогору болгон жана өзгөчө физикалык касиеттери (радиоактивдүүлүк, термалдык ж.б.) бар сууларды минералдык суулар деп эсептешет. Минералдык суулар курамына жараша хлориддик, гидрокарбонаттык, сульфаттык, натрийлүү, кальцийдүү, магнийлүү, гидрокарбонат-хлориддик, магний-кальцийдүү, темирлүү ж.б. болуп бөлүнөт.*

***Ачкыч создөр:*** *темир, хлориддер, бюретка, колба, сульфат, натрий, индикатор, пипетка, мензурка.*

**Маматураимова Н. А., Усенбай к Д.**

# АНАЛИЗ СОЛЕЙ В ПИТЬЕВОЙ ВОДЕ

***Аннотация.*** В данной статье речь идет о составе воды, методах его определения и экспериментальной части. Минеральная вода – очень широкое понятие, не имеющее четкого определения. К минеральной воде гидрогеологи и бальнеологи относят воду с высокой концентрацией некоторых минеральных, органических компонентов или газов и с особыми физическими свойствами (радиоактивность, термические и др.). В зависимости от состава минеральные воды бывают хлоридные, гидрокарбонатные, сульфатные, натриевые, кальциевые, магниевые, гидрокарбонатно-хлорные, магниево-кальциевые, железистые и др.

***Ключевые слова:*** *железо, хлориды, бюретка, колба, сульфат, натрий, индикатор, пипетка, стакан.*

**N. Mamaturaimova, Usenbay k D.**

# ANALYSIS OF SALT IN DRINKING WATER

***Annotation.*** *This article deals with the composition of water, methods for its determination and the experimental part. Mineral water is a very broad concept that does not have a clear definition. Hydrogeologists and balneologists classify mineral water as water with a high concentration of certain mineral, organic components or gases and with special physical properties (radioactivity, thermal, etc.). Depending on the composition, mineral waters are*

*chloride, hydrocarbonate, sulfate, sodium, calcium, magnesium, hydrocarbonate-chlorine, magnesium-calcium, ferruginous, etc.*

***Key words:*** *iron, chlorides, burette, flask, sulfate, sodium, indicator, pipette, beaker.*

## *Киришүү*

Минералдык суу - бул өтө кең түшүнүк, так аныктамасы жок. Гидрогеологдор жана бальнелогдор кандайдыр бир минералдык, органикалык компоненттердин же газдардын концентрация-сынын жогору болгон жана өзгөчө физикалык касиеттери (радиоактивдүүлүк, термалдык ж.б.) бар сууларды минералдык суулар деп эсептешет. Минералдык суулар курамына жараша хлориддик, гидрокарбонаттык, сульфаттык, натрийлүү, кальцийдүү, магнийлүү, гидрокарбонат-хлориддик, магний-кальцийдүү, темирлүү ж.б. болуп бөлүнөт. Минералдык суулардын курамы татаал, колдонуу максатында үч категорияга ашкана суусу ( минералдык 1г/л), ал эч кандай чектөөлөрсүз ичүүгө болот, дарылык-ашкана суусу (1-10 г/л минералдар), дарылык суулар (10 г/л ашык минералдар) болуп бөлүнөт [1].

*Теманын актуалдуулугу*. Суу биз үчүн өтө маанилүү, биз аны бир эле ичип тим болбостон, турмуш-тиричилик муктаждыктарына жана тамак-аш даярдоого кеңири колдонобуз. Бирок, тилекке каршы, суунун сапаты дайыма эле белгиленген коопсуздук стандарттарына жооп бере бербейт. Ичүүчү суунун сапатын аныктоо өзгөчө маанилүү, анткени кээ бир химиялык элементтердин, токсиндердин жана микроорганизмдердин курамы ден соолукка олуттуу зыян келтириши мүмкүн. Таза суу, тескерисинче, организмге пайдалуу таасирин тийгизет, зат алмашууну нормалдаштырат, токсиндерди чыгарып, дене салмагын турукташтырат.

Суунун химиялык анализи анын курамы стандарттарга канчалык туура келерин, кошумча тазалоо керекпи же бул үчүн кандай ыкмаларды колдонуу керектигин аныктоого мүмкүндүк берет [4].

*Изилдөөнүн негизги максаты:* АТФнын жана Карамарт айылынын ичилүүчү суусунун химиялык курамын изилдөө.

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер аткарылды:

- АТФнын жана Карамарт айылынын ичилүүчү суусунун химиялык курамын изилденди.

- АТФнын жана Карамарт айылынын ичилүүчү суусунун химиялык курамындагы кальций жана магний туздарынын концетрациясы изилденди.

**I Бөлүк. Теориялык бөлүм.**

## 1.1. Жаратылыш сууларынын келип чыгуусу

Жаратылышта суу өтө туруктуу бирикме, температуранын натыйжасында кайнап буугa айланат, буу конденсацияланып кайра сууну пайда кылат.

Тирүү организмде жүрүүчү бардык биохимиялык процесстер суунун катышуусу менен жүрөт. Өсүмдүктөрдө 40-98%, кишинин денесинин 70%тин, кандын курамынын 80%тин, булчуңдардын 35%тин, сөөктүн 25%тин суу түзөт. Эгерде кишинин организми 12% нымдуулугун жоготсо анда организм өлүмгө дуушар болот. Организмде жылуулукту жөнгө салуусу (терморегуляция) суунун алмашуусунун таасиринде жүрөт.

Суунун запасы күн сайын азайып бара жаткандыгы бүгүнкү күндөгү эң орчундуу маселе. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө калк бирдей түрдө суу кызматынан колдоно алышпайт. Африка континентинде Сахаранын түштүгүндө жашагандардын 340 миллионуна таза суу жетпейт. Таза суунун жетишсиздигинен 17 секунд сайын бир бала бул дүйнө менен кош айтышат. Суугa болгон муктаждык, таза абага болгон муктаждык менен барабар. Кыргыз республикасы дүйнөдөгү 20 таза суугa мол мамлекеттердин катарына кирет. Кыргызстандын көрсөткүчү ар бир адамга 9,105 миң м3 таза сууну түзөт. Кыргызстандын территориясында 125 тен ашуун белгилүү минералдык суулар чыгуучу жайлар бар. Алардын ичинен термалдык жана көмүр кычкыл суулар жана булак суулар басымдуулук кылат. Алардын химиялык курамдары ар түрдүү, ошондуктан булак сууларын изилдөө актуалдуу [1].

## 1.2. Суунун органолептикалык касиеттери

Суунун органолептикалык касиетине төмөнкүдөй мүнөздөмөлөр кирет: жыты, даамы, түсү жана булуттуулугу.

*Жыт.* Суунун жыты жана даамы андагы табигый же жасалма булгоочу заттардын болушу менен түшүндүрүлөт. Жыттар менен даамдардын табияты өтө ар түрдүү жана сууда айрым эриген туздардын болушу менен да, ар кандай химиялык жана органикалык кошулмалардын курамынан да пайда болушу мүмкүн.

*Суунун даамы.* Суунун даамы сууда эриген табигый заттар менен аныкталат, алардын ар бири суугa белгилүү бир даам берет:

туздуу - натрий хлориди;

ачуу - магний сульфаты;

кычкыл - эриген көмүр кычкыл газы же эриген кислоталар.

Суунун жагымдуу же жагымсыз даамы андагы аралашмалардын болушу жана концентрациясы менен да аныкталат.

### 1.3. Ичүүчү суунун сапатынын химиялык көрсөткүчтөрү.

Химиялык көрсөткүчтөр суунун химиялык курамын мүнөздөйт. Бул көрсөткүчтөргө суунун pH, катуулугу жана щелочтуулугу, минерализациясы (кургак калдык), аниондук жана катиондук курамы (органикалык эмес заттар), органикалык заттардын курамы кирет.

*Кычкылдануу.* Суунун интегралдык булганышын мүнөздөгөн көрсөткүч, б.а. суудагы кычкыланууучу органикалык жана органикалык эмес аралашмалардын мазмуну, алар белгилүү бир шарттарда күчтүү химиялык кычкылдандыргыч менен кычкылданышы мүмкүн. Жогоруда айтылган булгоочу заттарга негизинен органикалык заттар кирет - жер үстүндөгү булактардан алынган суулар үчүн жана органикалык эмес иондор ($Fe^{2+}$, $Mn^{2+}$ ж.б.) - артезиан кудуктарынан чыккан суулар үчүн.

Суунун кычкылданышынын бир нече түрү бар: перманганат (ПМО), бихромат, йодат. Аталышынан көрүнүп тургандай, суунун химиялык анализин жүргүзүү үчүн тиешелүү кычкылдандыргычтар колдонулат. Кычкылдануу индекси - мгО2/л. Бул 1 литр суудагы заттарды кычкылдандыруу үчүн колдонулган реагенттин (кычкылдандыруучу агент) өлчөмүнө барабар болгон миллиграмм кислороддун саны.

*Суутектик көрсөткүч pH.* Суутек көрсөткүч же pH карама-каршы белги менен алынган суутек иондорунун концентрациясынын логарифми, б.а. pH = -logH+1. pH мааниси сууну диссоциациялоодо пайда болгон суудагы $H^+$ жана $OH^-$ иондорунун сандык катышы менен аныкталат. Эгерде сууда ОН- иондору басымдуулук кылса, pH>7ге туура келет, анда суу щелочтук реакцияга ээ болот, ал эми pH<7ге туура келген Н+ иондорунун көбөйүшү менен суу кислоталык реакцияга ээ болот. Тазаланган дистилденген сууда бул иондор бири-бирин тең салмактайт жана анын pH болжол менен 7 [2].

*Суунун шордуулугу.* Бул көрсөткүч суунун касиетин щелочтуу жер металлдарынын, негизинен кальций менен магнийдин ("шордуулук туздары" деп аталган) эриген туздарынын курамы менен мүнөздөйт.

Мындай туздар көп болгон суу өтө, орто шордуу жана начар шордуу деп аталат.

Суунун катуулугунун сандык белгиси андагы кальций жана магний катиондорунун концентрациясы, боюнча катуулук катуулуктун даражасында (°Ж) көрсөтүлөт, ал щелочтуу жер элементинин концентрациясына сан жагынан анын мольинин 1/2 бөлүгүнө туура келет, мг/дм$^3$ (г/м$^3$) менен көрсөтүлөт. (1 °Ж = 1 мЭк/л) [4].

Кальций жана магний бикарбонаттары ($Ca^{2+}$ жана $Mg^{2+}$ катиондору жана $HCO_3$- аниондору) менен шартталган убактылуу (карбонаттык) шордуулук бар.

Сууну кайнатканда бикарбонат аниондору бул катиондор менен реакцияга кирип, алар менен бир аз эрүүчү карбонаттык туздарды пайда кылат, алар ысытуучу элементтерге эл арасында акиташ деп аталган ак шкала түрүндө чөктүрүлөт.

$Ca^{2+} + 2HCO^{3-} = CaCO_3\downarrow + H_2O + CO_2\uparrow$

**II Бөлүк. Изилденүүчү обьект жана эксперименттердин усулдары**

**2.11 Изилденүүчү обьект**

Изилденүүчү объект катары АТФнын жана Карамарт айылынын ичилүүчү суусу алынган.

**2.2. Жалпы щелочтуулугун аныктоо.**

Жаратылыш сууларында жалпы щелочтуулукту негизинен мурдагы эркин гидроксил иондору жана начар кислоталардан, күчтүү негиздерден пайда болгон туздардын гидролизи түзөт. Щелочтуулукту аныктоодо жумушчу эритме катары 0,1н HCl, ал эми индикатор 0,03% дуу метилоранж колдонулат [3].

Иштин жүрүшү: 250 мл конический колбага 100 мл аныкталуучу суудан куюп, ага 2-3 тамчы метилоранждын эритмесин тамчылатып 0,1н HCl эритмеси менен сары түс ток сарыга өткөнгө чейин титирлейбиз.

$$Ш_0 = \frac{V_1 N \cdot 1000}{V_2}$$

*Мында* **Ш0** – суунун жалпы щелочтуулугу мг-экв-А-1

**V1** -титрлөөгө кеткен жумушчу эритменин көлөмү

**N** - Жумушчу эритменин нормалдуулугу

**V2** - анализге алынган суунун көлөмү

**2.3. Кальцийдин ионун аныктоо**

Кальцийдин иону жаратылыш сууларында бирикме түрүндө кездешет. Кальций ионунун негизги булактары гинис жана мрамор болуп саналат. Кальцийдин жана магнийдин иондору суунун жалпы шордуулугун түзөт. Кальцийдин ионун суунун курамын аныктоо төмөнкүдөй усулдар колдонулат: перманганометриялык жана комплексонометриялык [2].

Комплексонометриялык методдо, щелочтук чөйрөдө кальцийдин иону мурексид менен комплекстик бирикмени пайда кылат. Трилон Б менен титрленгенде комплекстик бирикме түзүлүп, кальцийдин иону трилон Б менен комплекстик бирикмени пайда кылат. Мурексид бул аммонийдин пурпур кислотасын менен болгон бирикмеси. Мындай учурда

эритме розовый түскө өтөт. Трилон Б менен титрлегенде эквиваленттик точкада эритменин түсү липовый түскө өтөт.

**Иштин жүрүшү:** 250 мл конический колбага 100 мл аныкталуучу суудан куюп 2 мл 10% түү NaOH эритмесинен кошуп, бир аз даярдалган мурексиддин кристаллынан кошуп аралаштыруудан эритме розовый түскө өтөт.

Трилон Б менен титрлеген мезгилде эритме түсүн өзгөртөт.

$$X = \frac{V_1 N \cdot E \cdot 1000}{V_2}$$

*Мында* **X** -кальцийдин иону мг.л-1

**V1** -трилон Б титрлөөгө кеткен көлөмү

**N** - трилон Б нормалдуулугу

**V2** -аныкталуучу суунун көлөмү

**2.4. Жалпы шордуулукту аныктоо.**

Жалпы шордуулукту аныктоо эң кеңири таркалган методдордун бири, бул комплексонометриялык метод. Мында жумушчу эритме катары трилон Б, ал эми индикатор катары эрихром черный колдонулат [4].

Суунун курамындагы кальцийдин жана магнийдин иондору pH=8-11 аралыгында эрихром черный менен комплекстик бирикмени пайда кылат. Бирок трилон Б менен титрленген учурда комплекс бузулуп, аны менен комплекстик бирикмени пайда кылат, бул учурда индикатор түсүн өзгөртөт.

***Иштин жүрүшү:*** конустук колбага 50 мл изилденүүчү суудан алып ага 5 мл аммонийдин буфердик эритмеден кошуп, бир аз эрихром черныйдан кошобуз, эритменин түсү кызыл түскө өтөт.

$$Ж_0 = \frac{V_1 \cdot N \cdot 1000}{V_2}$$

Мында: **Ж0** – жалпы шордуулук

**V1** – трилон Б көлөмү

**N** – трилон Б нормалдуулугу

**V2** – анализге алынган суунун көлөмү.

**Жыйынтык**

1. АТФнын жана Карамарт айылынын ичилүүчү суусунун физико-химиялык көрсөткүчүн аныкталды. АТФнын суусунуну курамындагы туздардын саны 1,8 мг-экв/л. Ал эми Карамарт айылынын суусунда 1,2 туздардын мг-экв/л.

2. Физико-химиялык көрсөткүчтөрү боюнча АТФнын жана Карамарт айылынын ичилүүчү суусу ичүүгө жарактуу.

3. Кальций жана магнийдин туздарынын коцентрациясы Карамарт айылынын ичилүүчү суусунда төмөн болгон.

4. Анализдиен суулардын экөөсүн тең ичүүгө жарамдуу экендиги аныкталды.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

1. Александр Лидин. Минеральные воды. « Феникс», 2009., с-256

2. Кыргызстандын дары суулары. https://ky.wikipedia.org

3. Жалал- Абад крорту. https://ky.wikipedia.org/wiki

4. Дефицит водных ресурсов https://ru.wikipedia.org/wiki/

***Интернет булактары:***

1. https://elibrary.ru/contents.asp?titleid=64262
2. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/archive/2387

**Авторлор жөнүндө маалымат:**

**Маматураимова Назгуль Абдулмиталиповна**, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы, химия илимдеринин кондидаты, илимий жетекчи.

*Email: nazgulkambarova@mail.ru*
Тел: +996772262322

**Усенбай кызы Диёра,** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы, 550100 Табигый-илимий билим берүү багыты, (профиль:химия) магистрант.

*Email: Diyoraergeshova02@gmal.com*
Тел: +996709293101

**Маматураимова Назгуль Абдулмиталиповна,** Джалал-Абадский государственный университет им. Б. Осмонова, Кыргызская Республика, кандидат химических наук, научный руководитель.

Email: nazgulkambarova@mail.ru
Тел: +996772262322

**Усенбай кызы Диёра,** Джалал-Абадский государственный университет им. Б. Осмонова, Кыргызская Республика, 550100 магистр естественных наук (профиль: химия).
Email: Diyoraergeshova02@gmal.com
Тел: +996709293101

**Mamaturaimova Nazgul Abdulmitalipovna,** Jalal-Abad State University. named after B. Osmonova, Kyrgyz Republic, Candidate of Chemical Sciences, scientific supervisor.

Email: nazgulkambarova@mail.ru
Tel: +996772262322

**Usenbay kyzy Diyora,** Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Kyrgyz Republic, 550100 Master of Natural Sciences (profile: chemistry).

Tel: +996709293101
Diyoraergeshova02@gmal.com

**РАЗДЕЛ: ГУМАНИТАРНЫЕ НАУКИ**

**УДК 37.091.31**

**Абдикеримова Зиягүл Ибрагимовна**

# БИЛИМ БЕРҮҮДӨ МААЛЫМАТТЫК РЕСУРСТАРДЫ КОЛДОНУУДАГЫ КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА ЧЕЧҮҮ ЖОЛДОРУ

***Аннотация:*** *Макалада билим берүү системасына маалыматтык ресурстарды киргизүү менен байланышкан көйгөйлөр жана чакырыктар каралат. Окуу процессин санариптештирүүнүн негизги артыкчылыктары, анын ичинде жеткиликтүүлүк, окутууну жекелештирүү жана билим берүү программаларынын натыйжалуулугун жогорулатуу талданат. Санариптик теңсиздик, квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги, киберкоопсуздук жана билим берүү чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөргө каршылык көрсөтүү сыяктуу негизги маселелер аныкталды. Санариптик инфраструктураны өнүктүрүү, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу жана МТНЫ окутуунун салттуу ыкмалары менен интеграциялоо сыяктуу чечимдердин мүмкүн болгон жолдору сунушталды. Сапаттуу жана коопсуз окуу процессин камсыз кылуу үчүн билим берүүнү санариптештирүүгө комплекстүү мамиле кылуунун жана бардык кызыкдар тараптардын өз ара аракеттенүүсүнүн зарылдыгына өзгөчө көңүл бурулат.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *маалыматтык технологиялар, билим берүүнү санариптештирүү, электрондук билим берүү ресурстары, онлайн окутуу, киберкоопсуздук, санариптик теңсиздик, окутуучулардын квалификациясы, аралыктан окутуу, билим берүүдөгү инновациялар, гибриддик окутуу.*

**Абдикеримова Зиягүл Ибрагимовна**

# ПРОБЛЕМЫ И РЕШЕНИЯ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ИНФОРМАЦИОННЫХ РЕСУРСОВ В ОБРАЗОВАНИИ

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются проблемы и вызовы, связанные с внедрением информационных ресурсов в систему образования. Анализируются основные преимущества цифровизации учебного процесса, включая доступность, персонализацию обучения и повышение эффективности образовательных программ. Выявлены ключевые проблемы, такие как цифровое неравенство, нехватка квалифицированных кадров, кибербезопасность и сопротивление изменениям в образовательной среде. Предложены возможные пути решения, включая развитие цифровой инфраструктуры, повышение квалификации преподавателей и интеграцию ИТ с традиционными методами обучения. Особое внимание уделяется необходимости комплексного подхода к цифровизации образования и взаимодействию всех заинтересованных сторон для обеспечения качественного и безопасного учебного процесса.*

***Ключевые слова:*** *информационные технологии, цифровизация образования, электронные образовательные ресурсы, онлайн-обучение, кибербезопасность, цифровое неравенство, квалификация преподавателей, дистанционное обучение, инновации в образовании, гибридное обучение.*

**Abdikerimova Ziyagul Ibragimovna**

**PROBLEMS AND SOLUTIONS OF USING INFORMATION RESOURCES IN EDUCATION**

***Abstract**: The article discusses the problems and challenges associated with the introduction of information resources into the education system. The main advantages of digitalization of the educational process are analyzed, including accessibility, personalization of training and improving the effectiveness of educational programs. Key issues such as digital inequality, lack of qualified personnel, cybersecurity, and resistance to changes in the educational environment have been identified. Possible solutions are proposed, including the development of digital infrastructure, teacher training, and the integration of IT with traditional teaching methods. Special attention is paid to the need for an integrated approach to the digitalization of education and the interaction of all stakeholders to ensure a high-quality and safe educational process.*

***Keywords:*** *information technology, digitalization of education, electronic educational resources, online learning, cybersecurity, digital inequality, teacher qualifications, distance learning, innovations in education, hybrid learning.*

**Киришүү**

Акыркы он жылда маалыматтык технологиялар (МТ) адам ишинин дээрлик бардык чөйрөлөрүнүн ажырагыс бөлүгү болуп калды. Санариптештирүү билим берүү тармагына өзгөчө байкаларлык таасирин тийгизди, мында маалымат ресурстарын пайдалануу студенттер, мугалимдер жана жалпысынан билим берүү мекемелери үчүн жаңы горизонтторду ачты[1]. Технологияны окуу процессине интеграциялоо билим берүүнү жеткиликтүү, ийкемдүү жана жекелештирилген кылат. Санариптик платформаларды, онлайн курстарды, электрондук окуу китептерин жана башка технологияларды колдонуу студенттерге каалаган убакта жана каалаган жерден билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыздайт, ошону менен өзгөчө алыскы же аз камсыз болгон аймактарда билим алуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатат[2].

Мындан тышкары, маалыматтык ресурстарды пайдалануу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, интерактивдүү методдор аркылуу окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга, окуу жетишкендиктерин тез арада кайтарым байланыш жана талдоо мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга жардам берет[2]. Заманбап билим берүү платформалары мугалимдерге окуучулар үчүн жекелештирилген билим берүү маршруттарын түзүүгө, ошондой эле билимди баалоо процессин тездетүүгө жана окуу процессин жакшыртуу боюнча сунуштарды берүүгө мүмкүндүк берет[5].

Бирок, маалыматтык ресурстар билим берүүгө алып келе турган ачык-айкын пайдаларга карабастан, аларды ишке ашыруу бир катар олуттуу көйгөйлөр жана кыйынчылыктар менен коштолууда. Биринчиден, технологияга бирдей эмес жеткиликтүүлүк көйгөйү бар, бул өзгөчө өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө, ошондой эле айылдарда жана алыскы аймактарда[3]. Экинчиден, билим берүү платформалары студенттерден жеке маалыматтардын чоң көлөмүн чогултуп жаткандыгын эске алганда, маалыматтардын коопсуздугу жана жеке маалыматты коргоо маселелери өзгөчө курчуйт. Үчүнчүдөн, билим берүү мекемелеринин жана педагогикалык курамдын технологиялык даярдыгы көп учурда заманбап санариптик дүйнөнүн талаптарына жооп бербейт, бул мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана инфраструктураны модернизациялоо боюнча олуттуу аракеттерди талап кылат[7].

Ошентип, билим берүү тармагына маалыматтык ресурстарды киргизүү комплекстүү мамилени жана технологиялык да, социалдык дагы көптөгөн тоскоолдуктарды жеңүүнү талап кылат[6].

**Маалымат ресурстарын ишке ашыруунун артыкчылыктары**

1. **Билимдин жеткиликтүүлүгү**: Электрондук ресурстар алыскы аймактардан келген студенттерге жогорку сапаттагы окуу материалдарын жана программаларын алууга мүмкүнчүлүк берет.
2. **Окутууну жекелештирүү**: Интерактивдүү платформалар студенттин билим деңгээлине жана муктаждыгына жараша жекелештирилген окуу программаларын сунуштай алат.
3. **Гибриддик окутууну колдоо**: COVID-19 пандемиясынын жана аралыктан иштөөнү өнүктүрүүнүн контекстинде МТ-ресурстарды киргизүү онлайн курстар жана виртуалдык класстар аркылуу билим берүүнү улантууну камсыз кылууга мүмкүндүк берди[5].

**Маалыматтык ресурстарды ишке ашыруунун негизги көйгөйлөрү**

1. **Технологиянын бирдей эмес жеткиликтүүлүгү.** Кээ бир региондордо же айрым социалдык топтордо азыркыга чейин заманбап аппараттарга жана интернет-ресурстарга

жеткиликтүүлүк жетишсиз. Бул окуу мүмкүнчүлүктөрүндө дисбалансты жаратат жана санариптик платформалардын натыйжалуулугун чектейт.

2. **Мазмундук сапат боюнча көйгөйлөр.** Билим берүү аянтчаларында жайгаштырылган контенттин стандартташтырылышынын жана сапатын контролдоонун жоктугу билим берүү процессине терс таасирин тийгизген ишенимсиз же сапатсыз маалыматтын таркатылышына алып келиши мүмкүн.

3. **Квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги.** Мугалимдер жана окуу жайлары жаңы технологияларды эффективдүү колдонууга дайыма эле даяр эмес. Мугалимдерге МТти өз практикасында эффективдүү колдонууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн кошумча адистикти жогорулатуу курстары зарыл.

4. **Киберкоопсуздук жана маалыматтарды коргоо.** Билим берүү чөйрөсүнө маалыматтык технологияларды киргизүү маалыматтардын коопсуздугуна коркунучтардын көбөйүшү менен коштолууда. Студенттердин, мугалимдердин жана окуу жайлардын жеке маалыматтарын кибер чабуулдардан жана маалыматтардын агып кетишинен коргоо маселелери өзгөчө актуалдуу болуп баратат.

5. **Өзгөрүүгө каршылык көрсөтүү.** Көптөгөн билим берүү мекемелери жана мугалимдер санариптештирүүнүн эскирген ыкмаларынан же технологиялык көндүмдөрдүн жетишсиздигинен улам дайыма эле даяр боло бербейт. Бул инновацияларга каршылык көрсөтүүгө алып келет, ошондой эле МТ адистеринин жаңы муундарын даярдоону кыйындатат.

**Билим берүүгө маалыматтык технологияларды киргизүүнүн көйгөйлөрү**

**Санариптик инфраструктураны өнүктүрүү.** МТ-ресурстарды эффективдүү колдонуу үчүн техникалык каражаттарды (серверлерди, интернет байланыштарын) жана бул системаларды техникалык тейлөөнү камтыган күчтүү жана ишенимдүү санариптик инфраструктураны түзүүнү талап кылат.

**Салттуу окутуу ыкмалары менен интеграция.** Маалыматтык ресурстарды киргизүү гана эмес, аларды иштеп жаткан билим берүү системасына интеграциялоо да маанилүү. Бул мугалимдерден да, билим берүү мекемелеринен да ийкемдүүлүктү жана инновациялык мамилени талап кылат.

**Окуучулардын мотивациясынын көйгөйлөрү.** МТ ачык артыкчылыктарына карабастан, студенттер санариптик билим берүү ресурстарын колдонууга дайыма эле кызыкдар боло бербейт. Жаңы технологияларды колдонуу менен окуучуларды окуу процессине мотивациялоо жана активдүү тартуу системалары кошумча изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды талап кылат.

**Көйгөйлөрдү чечүүгө сунуштар**

Инфраструктураны жакшыртуу жана билим берүү технологияларына жетүүнү камсыз кылуу боюнча мамлекеттик программалар маалыматтык ресурстарга жетүүдө теңсиздикти азайтууга жардам берет[4].

Эң негизги кадам – мугалимдерди маалыматтык ресурстар менен иштөөгө даярдоо. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу программалары жана курстары аларга жаңы технологияларды эффективдүү колдонууга жана окуу процессине киргизүүгө жардам берет.

Колдонуучулардын маалыматтарын коргоо үчүн маалыматтык коопсуздук системаларын иштеп чыгуу, коопсуз окуу аянтчаларын түзүү, киберкоопсуздук маселелери боюнча студенттерди жана мугалимдерди окутуу боюнча иштерди жүргүзүү зарыл.

Гибриддик окутуу, онлайн жана оффлайн ыкмаларын айкалыштыруу маалыматтык ресурстарды жана салттуу педагогикалык ыкмаларды максималдуу натыйжалуу пайдаланууга мүмкүндүк берет.

**Корутунду**

Билим берүү процессине маалыматтык ресурстарды киргизүү билим берүү системасын модернизациялоо жана билим берүү процессинин сапатын жогорулатуудагы маанилүү кадам болуп саналат. Заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу студенттер үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып, аларга ийкемдүү жана жеткиликтүү түрдө билим жана көндүмдөрдү алууга мүмкүндүк берет. Онлайн курстар, санариптик платформалар, билим берүү колдонмолору жана виртуалдык класстар окутууну интерактивдүү, жекелештирилген жана эффективдүү кылат жана билим берүү ресурстарын бир калыпта бөлүштүрүүгө жардам берет.

Бирок санариптештирүүнүн ачык артыкчылыктарына карабастан, билим берүү тармагына маалыматтык технологияларды киргизүү бир катар олуттуу көйгөйлөргө туш болууда. Эң актуалдуу маселелердин бири санариптик теңсиздикке алып келген санариптик ресурстарга жана технологияларга бирдей эмес жеткиликтүүлүк болуп саналат. Мазмундун сапаты, квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги жана мугалимдердин адекваттуу даярдыгынын жоктугу да билим берүү тармагында маалыматтык технологияларды эффективдүү колдонууга олуттуу тоскоолдук болуп саналат. Өзгөчө маанилүү темалар студенттердин жана мугалимдердин маалыматтарын коргоо, ошондой эле маалыматты коргоо жана коопсуз билим берүү платформаларын түзүү боюнча катуу чараларды көрүүнү талап кылган киберкоопсуздукту камсыз кылуу бойдон калууда.

Бул кыйынчылыктарды жеңүү жана маалыматтык ресурстарды билим берүү процессине мүмкүн болушунча эффективдүү киргизүү үчүн комплекстүү мамиле талап

кылынат. Бул инфраструктураны өнүктүрүү жана мугалимдердин санариптик сабаттуулук деңгээлин жогорулатуу гана эмес, ошондой эле билим берүү технологияларынын жеткиликтүүлүгүндөгү теңсиздикти жоюуга багытталган мамлекеттик колдоо системасын түзүү. Дагы бир маанилүү кадам ар бир окуучунун өзгөчөлүктөрүн эске ала турган жана алардын окуу процессине активдүү катышуусуна көмөктөшүүчү гибриддик моделди түзүүчү салттуу окутуу ыкмалары менен маалыматтык технологияларды интеграциялоо болуп саналат.

Ошентип, билим берүү тармагында маалыматтык ресурстарды ийгиликтүү ишке ашыруу мамлекеттик органдардын, билим берүү мекемелеринин, мугалимдердин жана технологиялык компаниялардын тыгыз өз ара аракеттенүүсүн талап кылат. Биргелешип иштөө менен биз мезгилдин талабына жана студенттердин муктаждыктарына жооп бере турган жеткиликтүү, натыйжалуу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзө алабыз. Узак мөөнөттүү келечекте билим берүүнү санариптештирүү бүткүл дүйнөлүк билим берүү процессинин ажырагыс бөлүгү болуп, окутуунун жаңы формаларын өнүктүрүүгө жана бардыгына сапаттуу билим берүүнү камсыз кылууга көмөктөшөт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Акулич, М. В. **Цифровизация образования: тенденции и перспективы**. – Москва: Просвещение, 2021.
2. Гришина, Н. В., Лапин, В. А. **Информационные технологии в образовании: современные подходы и методики**. – Санкт-Петербург: Питер, 2020.
3. Селезнева, Н. А. **Электронное обучение и дистанционные образовательные технологии**. – Казань: Казанский университет, 2019.
4. Смирнов, А. В. **Цифровая трансформация образования: проблемы, вызовы и перспективы** // Журнал «Современное образование». – 2022. – № 3. – С. 45–58.
5. UNESCO. **Education for the Digital Age: Challenges and Solutions**. – Paris: UNESCO Publishing, 2021.
6. OECD. **Digital Education Outlook 2021: Pushing the Frontiers with AI, Blockchain, and Robots**. – Paris: OECD Publishing, 2021.
7. Anderson, T., & Dron, J. **Teaching Crowds: Learning and Social Media**. – Edmonton: Athabasca University Press, 2019.


***Сведения об авторах:***

**Абдикеримова Зиягүл Ибрагимовна,** магистрант, Жалал-Абадский государственный университет им.Б.Осмонова, г. Жалал-Абад abdikerimovaziagul@gmail.com

**Абдикеримова Зиягүл Ибрагимовна,** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин магистранты, Жалал-Абад шаары, abdikerimovaziagul@gmail.com

**Abdikerimova Ziyagul Ibragimovna,** master's student of Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Jalal-Abad city, abdikerimovaziagul@gmail.com

**УДК 004.9:37**

**Осмонова Нургул Таштановна**

**Бакытбек кызы Гүлзада, ЖАМУнун магистранты**

*Жалал-Абад мамлекеттик университети*

*Кыргызстан, Жалал-Абад*

## САНАРИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯСЫ

**Кыскача мазмуну.** *Бул макалада санариптик билим берүүнүн өнүгүү тенденциялары каралат. Санариптик технологиялар билим берүү процессинде кеңири колдонулуп, окутуунун жаңы ыкмаларын жана формаларын ишке ашырууга шарт түзүүдө. Макалада онлайн билим берүү платформаларынын, жасалма интеллекттин (AI), адаптивдүү окутуунун жана аралыктан билим берүүнүн мааниси талдоого алынат. Ошондой эле, санариптик билим берүүнүн артыкчылыктары, кыйынчылыктары жана келечектеги перспективалары көрсөтүлөт. Изилдөөнүн жыйынтыктары санариптик билим берүү системасын өнүктүрүү үчүн методологиялык жана практикалык негиздерди түзүүгө жардам берет.*

**Түйүндүү сөздөр:** *санариптик билим берүү, өнүгүү тенденциясы, санариптик технология, жасалма интеллект, адаптивдүү окутуу, перспектива*.

## ТЕНДЕНЦИИ РАЗВИТИЯ ЦИФРОВОГО ОБРАЗОВАНИЯ

**Аннотация**. *В данной статье рассматриваются тенденции развития цифрового образования. Цифровые технологии широко применяются в образовательном процессе, способствуя внедрению новых методов и форм обучения. В статье анализируются значение онлайн-образовательных платформ, искусственного интеллекта (AI), адаптивного обучения и дистанционного образования. Также рассматриваются преимущества, сложности и перспективы цифрового образования. Результаты исследования помогут сформировать методологические и практические основы для дальнейшего развития системы цифрового образования.*

**Ключевые слова:** *цифровое образование, тенденции развития, цифровые технологии, искусственный интеллект, адаптивное обучение, перспектива.*

## DIGITAL EDUCATION DEVELOPMENT TRENDS

**Annotation**. *This article examines the trends in the development of digital education. Digital technologies are widely used in the educational process, facilitating the implementation of new teaching methods and formats. The article analyzes the role of online educational*

*platforms, artificial intelligence (AI), adaptive learning, and distance education. It also explores the advantages, challenges, and future prospects of digital education. The research findings contribute to forming methodological and practical foundations for the further development of the digital education system.*

**Key words:** *digital education, development trends, digital technologies, artificial intelligence, adaptive training, perspective.*

**Заманбап** билим берүү санариптик технологиялардын таасири астында терең өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Интернеттин, жасалма интелекттин, булут технологияларынын жана мобилдик түзмөктөрдүн өнүгүшү окутуунун жаңы формаларынын, анын ичинде дистанттык курстардын, адаптивдик окутуунун жана виртуалдык билим берүү чөйрөсүнүн калыптанышына шарт түздү.

Билим берүүнү санариптештирүү анын жеткиликтүүлүгүн жогорулатып гана тим болбостон, ошондой эле окутуу процессин ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат. Биррок, санариптик технологияларды билим берүү чөйрөсүнө интеграциялоо бир катар маселелерди жаратат, алардын катарына санариптик теңсиздик, киберкоопсуздук көйгөйлөрү жана мугалимдер менен студенттердин санариптик сабаттуулугун жогорулатуу зарылдыгы кирет.

Бул макалада санариптик билим берүүнүн негизги өнүгүү тенденциялары, анын артыкчылыктары жана потенциалдуу көйгөйлөрү талдоого алынат, ошондой эле бул тармактын мындан аркы өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрү каралат.

Билим берүүнүн комплекстүү санариптештирилиши заманбап билим берүү системасында негизги тенденциялардын бири болуп саналат. Бул процесс билим берүүнүн бардык баскычтарында санариптик технологияларды кеңири колдонууга жана окутуу ыкмаларынын трансформациясына шарт түзөт.

Биринчи маанилүү тенденция - гибриддик окутууну киргизүү. Гибриддик окутуу санариптик технологиярсыз ишке ашуусу мүмкүн эмес жана студенттердин окуу ыкмаларын тандоого мүмкүндүк берет. Бул форматта мугалимдер күндүзгү жана сырттан окуган студенттерге бир убакта сабак өтө алышат. Натыйжада, окутуу үч канал аркылуу жүргүзүлөт: онлайн мейкиндик, синхрондук жана асинхрондук форматтар. Бул метод билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, окутуунун сапатын жогорулатууга жардам берет [1]. Белгилей кетсек, бул тенденция пандемия учурунда өнүгүүгө ээ болгон жана айрым студенттер жана мугалимдер ага артыкчылык бере баштады. Дээрлик, мугалимдер санариптик технологиялар менен сабаттуу иштеше алышы керек, антпесе билим берүү процесси мүмкүн болбой калат [1]. Мунун себеби билим берүүнүн

жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу зарылдыгы жана гибриддик окутуу бул максатты ишке ашыруу үчүн курал болуп саналат. Алыскы шаарларда жана айылдарда окуп жаткандарга, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жана жашоо шарты өзгөчө адамдарга бул формат өтө ыңгайлуу, себеби, алар үчүн гибриддик формат- бул үйдөн чыкпай эле чыныгы билим алуу мүмкүнчүлүгү [3].

Азыркы глобалдашуу заманында дистанттык технологияларды колдонуу менен студенттерди жана угуучуларды онлайн окутуу, күндүзгү жана сырттан окутуу системасында маалымдоо процесси чоң кызыгууну туудурат. Себеби, адамдардын саны барган сайын көбөйүүдө, бул болсо бир аудиторияга аймактык жактан байланбаган окутууну, аралыкта үйрөнүүгө мүмкүнчүлүгүн түзүүдө. Окутуунун бул түрү үзгүлтүксүз билим берүү системасын түзүүгө, алардын билимин жана көндүмдөрүн жакшыртууга, өз алдынча окутууга, кесиптештери менен билим алмашуу жана ошол эле учурда, албетте, мониторинг жүргүзүү жана алынган билимдин сапатын текшерүүгө мүмкүндүк берет.

Бул онлайн окутуу форматы студенттерге билим алууга мүмкүндүк берет, алардын бизнес-идеяларын ишке ашырууга жана алардын негизги иш убакытын үзбөй жаңы долбоорлорду түзүүгө ыңгайлуу. Маалымат алуу менен студенттер билим берүү процессине дайыма катышып, кесиптик компетенттүүлүктү натыйжалуу өздөштүрүшөт. Окутулган жана даярдалган кадрлар өз кезегинде компанияларга кирешени көбөйтүүгө, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн бекемдөөгө жардам берет [2].

Экинчи тенденция - билим берүүнү жекелештирүү. Санариптик технологиялар ар бир окуучунун деңгээлине жана муктаждыктарына ылайыкташкан окуу процессин түзүүгө шарт түзөт. Бул багытта жасалма интеллектке негизделген платформалар жана онлайн курстар өзгөчө мааниге ээ. Алар студенттердин жетишкендиктерин анализдеп, аларга ылайыктуу билим берүү стратегиясын сунуштай алат. Мисалы, студенттер жана угуучулар онлайн курстарды өтүүдө, кейс-технологиялар, телекоммуникациялык технологиялар жана интернет технологиялары колдонулат. Белгилей кетсек, кейс-технологиялар окутуунун интерактивдүү методдору катары классификацияланат. Алар айтылган тема боюнча сабактардын алкагында андан ары талдоо үчүн окуу материалынын негизинде атайын иштелип чыгат жана алдын ала аныкталган билим берүү кырдаалдарынын сериясын билдирет. Ал эми билим берүүдөгү телекоммуникациялык технологиялар ар кандай формада жеткиликтүү болгон маалыматты кайра иштетүү, алмашуу, трансляциялоо ыкмаларынын, жолдорунун жана каражаттарынын жыйындысын билдирет. Окуу процессинде интернет-технологиянын маанилүүлүгүн белгилеп, бул эң мыкты кубаттуу курал жана ар тараптуу маалыматтык чөйрө жана акырында маалымат

алмашуунун принципиалдуу жаңы уюштуруу-методикалык инфраструктурасы экендигин баса белгилөө керек [6].

Билим берүүдөгү маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизги каражаттары болуп мультимедиялык доскалар, проекторлор, принтерлер, проекциялык экрандар жана персоналдык компьютер саналат, алардын мүмкүнчүлүктөрү ага орнотулган программалык камсыздоодо болуп саналат. Алардын негизги категориялары системалык программалар, колдонмо программалар жана программалык камсыздоону иштеп чыгуу куралдары [9].

Дагы бир тенденция - квалификациялык программалар аркылуу квалификацияны жогорулатуу. Турбуленттүү экономика жана тез илимий-техникалык прогресс үч жылда бир квалификацияны жогорулатууну талап кылат. Керек болсо, айрым тармактарда жумушчулар тездетилген темп менен квалификациясын жогорулатышы керек, бул санариптик технологияны кабыл алууга байланыштуу.

Экинчи жагынан, окуу жайга барып мугалим менен жеке жолугушууда көп убакыттын ичинде кошумча билимге жана көндүмгө ээ болууга студенттердин да, кызматкерлердин да мүмкүнчүлүгү жана каалоосу жок. Анткени, бул иш процессиндеги тыныгуу жана мыйзамдуу эс алуу менен байланышкан, мындан тышкары, сабактар окуу жай тарабынан белгилүү (белгиленген) убакта өткөрүлөт [5]. Бул болсо азыркы глобалдашкан заманда ыңгайсыз маселелердин бири. Адатта, көпчүлүк окууга бир нече күн гана сарптагысы келет. Натыйжада, бир нече күндүк курстарды көрүп келебиз. Көптөгөн окуу жайлар жана жеке компаниялар кыска мөөнөттүү онлайн-курстарды сунуштоодо. Алардын көбү автономдуу. Бул деген студенттер каалаган бош убагында мугалимдин катышы жок эле окуй алышат, ал эми экзамендер болсо тест түрүндө берилип жеңилдик болууда.

Биздин пикирибиз боюнча, мындай квалификациялык программаларды кеңири жайылтуу алынышы керек, анткени алар тар тема боюнча белгилүү бир деңгээлде билим алуу үчүн жетиштүү. Мисалы, англис тилин билүү тестирлөө жолу менен гана текшерилбейт жана тестке сын көз менен мамиле кылууну талап кылат. Мындан тышкары, квалификация кеңири жайылган тенденция эмес экендигин белгилей кетүү керек.

Дээрлик тенденцияга жакын болуп эсептелген бул - автономдуу окуу тенденциясы саналат. Себеби, окуп жаткан студент берилген программаны толугу менен өз алдынча кабыл ала алат. Ал буга чейин бул тармактын профессионал адиси болгондуктан, ал билимин жаңыртуу же жаңы билимге ээ болуу гана керек болот. Ал эми тестирлөө дагы онлайн жана автоматтык түрдө жүргүзүлөт. Бул багыт иш берүүчүлөр жана

мотивацияланган студенттер үчүн эң ылайыктуу деп эсептелинет. Ошол эле учурда мындай жол менен алынган билим көп учурда адекваттуу эмес болуп чыгат, анткени мугалим тарабынан көзөмөл жана практикалык чеберчилик жок. Натыйжада, бул биздин оюбуз боюнча автономдуу окутууну кубаттоо жана колдонуу керек, бирок профессионалдык өнүгүү катары гана.

Ошондой эле, социалдык тармактар аркылуу дагы окуу популярдуулукка ээ болууда. Дээрлик, чет өлкөлөрдө бул ыкма мурунтан эле өнүккөн, ал эми биздин өлкөдө эми гана башталууда. Бул жерде айта кетчү нерсе, адамдар көбүнчө убактыларын социалдык тармактарда өткөрүшөт, ушуга байланыштуу көп жаңы маалыматты ал жактан алышат. Демек, эгерде мугалимдер социалдык тармактарга билим жаатындагы маалыматты жүктөсө, окуучулар үчүн бул кызыктуу практика болмокчу, кээ бирлер болсо ал жактан жаңы жана кызыктуу маалыматтарды таба алышат [10].

Азыркы күндө көпчүлүк окуу жайлар МАОКга (Massive Open Online Courses) өтүүдө. Бул болсо аралыктан окуу, ал 2008 жылы пайда болгон жана азыркы учурда дээрлик баардык окуу жайдан бул тармакты тапсак болот. Бул окууну каалаган адам башка шаарда же аймакта болуп туруп деле окуса болот. Бул окутуунун мобилдүүлүгүн жана ийкемдүүлүгүн жогорулатып, студенттерге өздөрүнө ыңгайлуу убакытта билим алууга шарт түзөт. Дистанттык окутуу аркылуу студенттер окуу процессине тынымсыз катышып, кесиптик компетенцияларды натыйжалуу өздөштүрүшөт. Бул система билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөөнү жана студенттердин билимин объективдүү баалоону камсыздайт. Мугалим жана студент почта, чат, аудио/видео байланыш аркылуу үзгүлтүксүз байланышта болуп, билим берүү процесси үзгүлтүксүз жүрүп турат. Мындай окутуунун оң жактары жана терс жактары бар экенин да белгилей кетүү керек. Аларга окутуунун өзүн-өзү жөнгө салбоосу, багыттын жоголушу, компьютердик сабаттуулуктун жоктугу, ошондой эле угуучулардын материалды өздөштүрүү деңгээлин баалоодо мүмкүн болгон кыйынчылыктар кирет. Бул курстар акылуу дагы, акысыз дагы болушу мүмкүн. Демек, бул жердеги артыкчылыктар гибриддик окуутунун пайдасы менен бирдей, ошондуктан бул тенденцияны андан ары өнүктүрүү кажет [4].

Санариптик технологиялар билим берүүнүн геймификациясын мүмкүн кылат. Бул компьютер оюндары жана мультимедиялык презентациялар аркылуу болот. Бул ыкманын артыкчылыгы балдар үчүн көбүрөөк кызыктуу болушу мүмкүн. Бул, өзгөчө, жаш муундарга тиешелүү, анткени алардын көпчүлүгүнүн ой жүгүртүүсү шаблондуу жана стереотиптүү. Натыйжада, геймификациясыз окуу алар үчүн кызыксыз болуп, натыйжасыз болуп калат. VR жана AR технологиялары билим берүү тармагында көбүрөөк колдонулууда. Алардын жардамы менен, биринчиден, геймификацияга жетишсе,

экинчиден, машыгуунун сапатын жогорулатууга болот, мисалы, өрт өчүрүүчүлөр өздөрүнүн билимин виртуалдык тренингде колдонсо болот, ийгиликсиз болуп калышы мүмкүнбү деген сыяктуу [7].

Ошондой эле, автордун пикири боюнча жогоруда аталган технологияларды окуу мекемелери үчүн баасы алгылыктуу болоору менен ишке ашырылышы керек, себеби анын эффективдүүлүгү өтө жогору. Жасалма интеллект билим берүүдө көбүрөөк колдонулууда. Мисалы, кээ бир программалара окуучулардын билимин ачык анкеталар аркылуу текшерүүгө мүмкүндүк берет. Кээ бир мекемелер аларды репетитор катары колдонуп, студенттери үчүн ылайыкташтырылган окуу программаларын түзүшөт, бул аларга эң керектүү билимди толук жана тез алууга мүмкүндүк берет [8].

Ошентип, азыркы учурда билим берүүдө санариптик технологиялар көбүрөөк колдонулуп жатат. Берилген тенденцияларды жалпылоо менен, билим берүү мекемелери социалдык медиада, гибриддик форматтарда, масштабдуу ачык онлайн курстарды түзүү, геймификацияны киргизүү жана окуучуларга оффлайн режиминде окуу мүмкүнчүлүктөрүн берүү аркылуу окутууну колдонушу керек экенин белгилей кетүү керек. Эгер каражат мүмкүнчүлүк берсе, VR жана AR технологияларын да киргизүү керек. Белгилей кетүүчү нерсе, заманбап билим берүү мекемелери дал ушул тенденцияларга көңүл бурушу керек.

Билим берүү чөйрөсүндө маалыматтык технологиялардын өнүгүшү жана коомду компьютерлештирүүнүн тез жүрүшү билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу жана ЖОЖдун ишинин натыйжалуулугун жана ыкчамдуулугун жогорулатуу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Жогорудагы тенденциялар санариптик билим берүүнүн өнүгүүсүндө негизги ролду ойнойт. Алар билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн, натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатууга көмөктөшөт. Бирок, бул процессте санариптик теңсиздик, киберкоопсуздук маселелери жана технологиялык көндүмдөрдүн жетишсиздиги сыяктуу көйгөйлөр да бар экенин эске алуу зарыл. Ошондуктан, санариптик билим берүүнү ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн комплекстүү стратегияларды иштеп чыгуу жана аларды билим берүү системасына интеграциялоо зарыл.

**Колдонулган адабияттар**

1. Захарова Е.К. Цифровые технологии в образовании: информационно-образовательные тренды будущего / Е.К. Захарова // Цифровая трансформация образования: современноесостояние и перспективы: Сборник научных трудов по

материалам Международной научно-практической конференции / Под редакцией В.А. Липатова, Л.В. Снегиревой, А.В. Рышковой. – Курск: 2022. –С. 93-95.

2. Ковшова М.В. Компетентностный подход к подготовке менеджеров / М.В.Ковшова, В.П. Самохвалов // Фундаментальные и прикладные исследования кооперативного сектора экономики. –2013. –No3. –С. 56-59.

3. Ковшова М.В. Основные инновационные образовательные технологии и методы обучения менеджеров / М.В. Ковшова, В.П.Самохвалов // Фундаментальные и прикладные исследования кооперативного сектора экономики. – 2014. – No2. – С. 133-138.

4. Красовская Л.В. Онлайн-курсы в образовательном процессе высшей школы / Л.В.Красовская, В.И. Красовская // Университет как фактор модернизации России: история и перспективы. Чебоксары, 2022. С. 307-309.

5. Красовская Л.В. Роль онлайн-курсов в учебном процессе образовательных организаций / Л.В. Красовская, В.И. Красовская // Материалы Международной научно-практической конференции. - 2020. С. 68-70.

6. Красовская, Л.В. Использование информационных технологий в учебном процессе / Л.В. Красовская, А.С. Зубенко, Н.С. Саляева // – Волгоград: Общество с ограниченной ответственностью «ОМЕГА САЙНС», 2017. – С. 28-30.

7. Красовская Л.В. Использование информационных технологий в образовании / Л.В.Красовская, Т.И.Исабекова // Научный результат. Педагогика и психология образования. – 2017. – Т. 3. – No 4. – С. 29-36.

8. Макаревич Э.Ф. Искусственный интеллект как инструмент формированияличности в системе образования и социальных сетях / Э.Ф. Макаревич // Знание.Понимание. Умение. – 2022.– No 1.– С. 192-203.

9. Тимонова С.С. Online-курсы в современном образовании, перспективы развития математического образования в Твери и Тверской области // Материалы III Всероссийской научно-практической конференции Тверь, 2019.

Шарков Ф.И. Новые коммуникационные тренды в образовании: цифровые технологиии искусственный интеллект / Ф.И. Шарков, В.Т. Абишева, М.А. Лучина, В.А. Потапчук, Ж.С.Рамазанова // Коммуникология. – 2022. – Т. 10. – No 3. – С. 67-86.

УДК 004.94:004.9:37

**Осмонова Нургул Таштановна**
**Бакытбек кызы Гүлзада**, ЖАМУнун магистранты
Жалал-Абад мамлекеттик университети
***Кыргызстан, Жалал-Абад***

# РОЛЬ ИСКУССТВЕННОГО ИНТЕЛЛЕКТА И ИННОВАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ЦИФРОВОМ ОБРАЗОВАНИИ

**Аннотация**. *В статье рассматривается роль искусственного интеллекта и инновационных технологий в сфере цифрового образования. Особое внимание уделяется тому, как современные технологии, такие как машинное обучение, адаптивные системы обучения и интеллектуальные помощники, изменяют подходы к обучению и преподаванию. Освещены возможности искусственного интеллекта в автоматизации образовательных процессов, улучшении качества учебного контента и индивидуализации образовательных траекторий для студентов. Также анализируются примеры успешного применения инновационных технологий в образовательных учреждениях, включая виртуальную реальность, дополненную реальность и большие данные. В статье подчеркивается важность интеграции этих технологий в систему образования для повышения доступности и эффективности обучения, а также для подготовки учащихся к требованиям цифровой экономики будущего.*

**Ключевые слова:** *искусственный интеллект, инновационные технологии, цифровое образование, адаптивное обучение, виртуальная реальность, большие данные, индивидуализация.*

# THE ROLE OF ARTIFICIAL INTELLIGENCE AND INNOVATIVE TECHNOLOGIES IN DIGITAL EDUCATION

**Abstract**. *This article explores the role of artificial intelligence and innovative technologies in the field of digital education. Special attention is given to how modern technologies, such as machine learning, adaptive learning systems, and intelligent assistants, are changing approaches to teaching and learning. The article highlights the potential of artificial intelligence in automating educational processes, improving the quality of educational content, and personalizing learning paths for students. Additionally, the paper analyzes successful examples of the implementation of innovative technologies in educational institutions, including virtual reality, augmented reality, and big data. The importance of integrating these technologies*

*into the education system to enhance accessibility and effectiveness of learning, as well as preparing students for the demands of the digital economy of the future, is emphasized.*

**Keywords:** *artificial intelligence, innovative technologies, digital education, adaptive learning, virtual reality, big data, personalization.*

**Санариптик** билим берүү дүйнөлүк билим берүү системасындагы эң маанилүү тенденцияларга айланды. Бүгүнкү күндө билим процесси инновациялык технологиялар жана санариптик куралдар аркылуу үзгүлтүксүз өнүгүп жаткан учуру. Өзгөчө, жасалма интеллект (ИИ) жана инновациялык технологиялар билим берүүдө өзгөртүүлөрдү алып келүүдө. Бул макалада санариптик билим берүүдө искустволуу интеллект жана инновациялык технологиялардын ролу талданат.

Искусстволуу интеллект (ИИ) - бул компьютердик системалардын өз алдынча ой жүгүртүп, окуп үйрөнүү, маселе чечүү жана адамдын интеллектин кайталоо мүмкүнчүлүгүнөн турган технология [1]. Бүгүнкү күндө ИИ билим берүү тармагында чоң роль ойноп жатат. Себеби, искусстволуу интелеллект билим берүү тармагында ар кандай алгоритмдер жана технологиялар аркылуу активдүү колдонулууда. Төмөндө эң кеңири колдонулган негизги технологиялар келтирилген:

1. Машиналык үйрөнүү (ML) - бул искусстволуу интеллектин бир тармагы болуп, компьютерлерге өз алдынча үйрөнүү жана алдын ала берилиштерди анализдөөгө мүмкүнчүлүгүн берүүчү методологияларды камтыйт. Алган маалыматтардын негизинде машиналык үйрөнүү алгоритмдери өз алдынча аныктоого жана өркүндөтүү процесстерин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай системалар программалык жабдыктарга кандайдыр бир өзгөчө программаны жазбай, байкалоор аркылуу үйрөнүүгө жана жаңы маалыматтарды иштетүүгө мүмкүндүк берет. Билим берүү тармагында машиналык үйрөнүү алгоритмдери студенттердин окуу жыйынтыктарын прогноздоо, индивидуалдуу билим берүү траекторияларын түзүү жана укук анализи аркылуу окуу процесстерин оптималдаштыруу үчүн колдонулат. Мисалы, машиналык үйрөнүү системалары студенттердин билим деңгээлин жана жетишкендиктерин талдап, ар бир студентке ылайыктуу сабактарды жана тапшырмаларды сунуштай алат [2]. Ошондой эле, мындай технологиялар автоматташтырылган тестирлөө жана баалоо системаларын түзүүгө жардам берет, бул мугалимдерге эффективдүү жана ыкчам баа берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат. Ошентип, ИИ менен биргеликте машиналык үйрөнүү келечекте билим берүү системасын дагы да натыйжалуу жана жеткиликтүү кылууга багытталган негизги куралдардын бири болуп калмакчы.

2. Табигый тилди иштеп чыгуу (Natural Language Processing) - бул компьютердик тил билимине негизделген тармак, ал табигый тилдерди (улуттук) машиналар тарабынан

иштетүүгө жана түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. NLP жаратылыш тилинин грамматикалык, семантикалык жана прагматикалык өзгөчөлүкторүн эске алуу менен, тилдерди анализдеп, иштетүү үчүн алгоритмдерди жана модельдерди иштеп чыгууга багытталган. Бул технология адам менен машина ортосундагы тил аркылуу болгон өз ара аракеттешүүнү натыйжалуу кылууга мүмкүндүк берет [3]. NLPнин негизги принциптерине тилдин лексикалык, синтаксисттик, семантикалык жана прагматикалык анализдер кирет. Мисалы, лексикалык анализде сөздөрдүн мааниси, форма жана түрү аныкталса, синтаксисттик анализде сөздөрдүн сүйлөм ичинде кандайча уюшулгандыгы, алардын грамматикалык байланышы изилденет. Ал эми семантикалык анализ аркылуу сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн маңызын, алардын контекстинде кандай мааниге ээ экендигин аныктаса болот. Жана прагматика - бул сүйлөмдөрдүн контекстин, аларды колдонуу шарттарын жана сүйлөөнүн максатын анализдөөгө шарт түзөт. NLP технологиясы виртуалдык жардамчылар жана чат-botторду иштеп чыгууда кеңириколдонулат. Мисалы, Google Assistant, Siri, Alisa сыяктуу платформалар NLP алгоритмдерине негизделген. Ошондой эле Google Translate жана башка автоматташтырылган системалар текстти бир тилден экинчи тилге которууга мүмкүнчүлүк берет. Мындан тышкары, сентименттик анализ жүгүзүүгө жардам берет, мисалы, бир тексттин эмоционалдык мазмунун аныктайт; тексттерди автоматтык түрдө категорияларга бөлөт (мисалы, электрондук почта билдирүүлөрүн спамдан ажыратуу). NLPнин дагы бир өзгөчөлүгү - бул чоң маалыматтарды (Big Data) анализдөө үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Муну менен тексттик маалыматтарды терең изилдеп, түшүнүүгө, масштабдуу маалыматтарды топтоого жана аларды керектүү түрдө классификациялоого өбөлгө түзөт.

3. Компьютердик көрүү (Computer Vision) - бул ИИдеги максаты адамдын көзү сыяктуу, компьютерлерге сүрөттөрдү жана видеолорду анализдөөгө мүмкүнчүлүк берип, эмоциялардын талдоосу, студенттердин сабактарга катышуусун көзөмөлдөө жана алардын окууга кызыгуусун баалоо үчүн колдонулат [9]. Мындай технологиялар, мисалы, видео көзөмөлдөө аркылуу студенттердин жүрүм-турумун жана аскердик иш-аракеттерин ченеп, алардын кызыгуусун жогорулатууга жардам берет. Бул технология адамдын көзү аркылуу кабыл алынган визуалдык маалыматтарды, анын ичинде түстөр, форма, кыймыл жана башка белгилерди моделдердин жардамы менен иштеп чыгууга багытталган. Ал гуманитардык жана инженердик тармактарда чоң мүмкүнчүлүктөрдү сунуштап, адамдын көз карашына негизделген визуалдык маалыматтарды анализдеп, аларды натыйжалуу иштетүү мүмкүнчүлүгүн берет. Келечекте компьютердик көрүү технологиялары көптөгөн

тармактарда, анын ичинде медицинанын, коопсуздуктун, автономдук унаалардын жана роботтуктардын өнүгүшүнө чоң таасир тийгизе турган технология болуп калмакчы.

4. Рекомендателдик системалар. Бул системалар студенттерге эң ылайыктуу материалдар, тапшырмалар жана курстарды сунуштап, окуу натыйжаларын жакшыртууга жардам берет [6]. Рекомендателдик алгоритмдер билим алуу процесси боюнча студенттердин каалоолоруна жана муктаждыктарына ылайык келүүчү мазмунду сунуштайт.

5. Предиктивдик аналитика. Бул технология студенттердин окуу натыйжаларын болжолдоого жана академиялык ийгиликсиздиктерди алдын алууга мүмкүндүк берет [4]. Алдын ала натыйжаларды болжолдоп, ушул маалыматтарды негизинде мугалимдер студенттерге индивидуалдуу жардам көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

Жогоруда көрсөтүлгөн технологиялар билим берүү тармагындагы инноватордук чечимдердин негизин түзүп, дүйнө жүзү боюнча ар тараптан өнүгүп келе жатат. Алар билим берүү процесстерин жекелештирүүгө жана натыйжалуу уюштурууга шарт түзүп, билим берүү системасын жакшыртууга багытталган жаңы мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт.

Искусстволуу интеллект менен кошо, башка инновациялык технологиялар да билим берүү процесстеринде маанилүү орунду ээлейт:

*Виртуалдык чындык (VR)* – Виртуалдык чындык технологиясы студенттерге сабактарды интерактивдүү түрдө үйрөнүүгө мүмкүндүк берет [5]. Мисалы, медициналык студенттер хирургиялык процесстерди виртуалдык чындыкта практикалоо аркылуу үйрөнө алышат.

*Кошумча чындык (AR)* – Кошумча чындык билим берүүдө маалыматты жакшыртуу жана кеңейтүү үчүн колдонулат. Мисалы, география сабагында өлкөнүн картасынын үстүндө 3D сүрөттөрдү же объекттерди көрсөтүү, ошондой эле биология сабагында клетканын структурасын көз менен көрүү мүмкүндүктөрүн берет.

*Мобилдик колдонмолор жана онлайн платформалар* – Интернет жана мобилдик технологиялар студенттерге сабактарды үйдөн чыкпай туруп, ар кайсы жерден онлайн түрүндө өтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул билим алууну өнүктүрүп, аны жеткиликтүү кылат.

*Индивидуализация* – Санариптик билим берүү ар бир студенттин өзүнө ылайыктыгын камсыз кылуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Технологиялар студенттердин жеке билим алуусун жана кызыгуусун көзөмөлдөө жана натыйжалуу билим берүү программаларын түзүүгө жардам берет [7].

ИИ жана инновациялык технологияларды билим берүү системасына киргизүү жана интеграциялоо билим берүүнүн бардык багыттарында ийгиликтүү болушу үчүн

системалуу жана комплексдүү ишти талап кылат [8]. Мектептер жана университеттер жаңы технологияларды колдонууну үчүн тиешелүү даярдыктарды көрүп, мугалимдерге жана окуучуларга бул технологияларды колдонууга жардам көрсөтүүгө тийиш. Ошондой эле, билим берүү системасындагы куралдарды жана ресурстарды өркүндөтүү үчүн мамлекеттик саясаттын колдоосу зарыл.

Демек, ИИнин мугалимдерди колдоодо колдонулушу билим берүү процессинин натыйжалуулугун гана жогорулатып тим болбостон, окуучулар менен болгон өз ара аракеттенүүнүн сапатын да жакшыртат. Мугалимдер жеке байланышка, чыгармачылыкка, билим берүүнүн инновациялык ыкмаларын иштеп чыгууга көбүрөөк убакыт бөлө алышат, бул өз кезегинде жогорку сапаттагы жана адаптивдүү билим берүүгө өбөлгө түзөт.

Ошентип, ИИ жана инновациялык технологиялар санариптик билим берүүнүн келечегин өзгөртүп, билим берүү процесстерин натыйжалуу жана жеткиликтүү кылууга чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачууда. Адаптивдүү окуу системалары, автоматташтырылган баалоо, интеллектуалдык жардамчылар, виртуалдык жана кошумча чындык технологиялары студенттерге жана мугалимдерге жаңы ыкмаларды жана мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт. Бул технологияларды интеграциялоо билим берүү системасын жакшыртууга, билим алууну жекелештирүүгө жана санариптик экономикага даярдалган жаш муундарды тарбиялоого жардам берет.

Технологиялардын андан аркы өнүгүү перспективалары билим берүү системаларын жакшыртуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып, санариптик доордун чакырыктарына жана муктаждыктарына жооп берүүгө жөндөмдүү адаптивдүү билим берүү чөйрөсүн түзүүгө өбөлгө түзөт.

**Колдонулган адабияттар**

1. Морозов А.В. Профессиональная подготовка педагогов в условиях цифровизации образования // Педагогика и просвещение. 2021. №1. С. 1-13.
2. Роберт И.В. Развитие информатизации образования на основе цифровых технологий: интеллектуализация процесса обучения, возможные негативные последствия // Наука о человеке: гуманитарные исследования. 2019. №3. С. 65-71.
3. Степанова, Э. В. Искусственный интеллект в высшем образовании / Э. В. Степанова // Наука и образование: опыт, проблемы, перспективы развития: Материалы международной научно-практической конференции, Красноярск, 20–22 апреля 2021 года. Том Часть I. – Красноярск: Красноярский государственный аграрный университет, 2021. – С. 153–155.

4. Таран, В. Н. Преимущества и недостатки использования искусственного интеллекта в образовании / В. Н. Таран, Д. А. Курлов, Н. И. Потапович // Дистанционные образовательные технологии: МАТЕРИАЛЫ VII МЕЖДУНАРОДНОЙ НАУЧНО-ПРАКТИЧЕСКОЙ КОНФЕРЕНЦИИ, Ялта, 20–22 сентября 2022 года. – Симферополь: Общество с ограниченной ответственностью «Издательство Типография «Ариал», 2022. – С. 98-100
5. Трудности и перспективы цифровой трансформации образования / Под ред. А.Ю. Уварова, И.Д. Фрумина. М.: Издательский дом ВШЭ, 2019. 343 с.
6. Holmes W., Bialik M., Fadel C. Artificial Intelligence in Education: Promises and Implications for Teaching and Learning. Center for Curriculum Redesign, 2019. 240 p.
7. Digital Education Action Plan (2021-2027) / European Commission. Brussels, 2020.
8. Educational Technology and Mobile Learning: A Practical Guide to Global Learning Tools / Ed. by M. Anderson. Routledge, 2021. 286 p.
9. The Future of Education and Skills: Education 2030 / OECD. Paris, 2018.

**УДК 373.091.3:53**

**Молдокеримова Э.К., Асан кызы Наздана**

# ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАР - ФИЗИКАНЫ ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫ АКТИВДЕШТИРҮҮНҮН КАРАЖАТЫ КАТАРЫНДА

***Аннотация:*** *Бул макалада орто мектепте физиканы окутууда дидактикалык оюндарды окуучуларды активдештирүүнүн каражаты катарында колдонуу маселелери изилденген. Маалыматтык коомдун өнүгүшүндө маалыматтардын көбөйүшү окуучулардын өз алдынчалыгын, жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнү, активдештирүүнү талап кылууда. Дидактикалык оюндарды колдонуу жалпы билим берүүчү мектепте окутуунун, тарбиялоонун, өнүктүрүүнүн, окуучуларды активдештирүүнүн багытын көрсөтүп, окуучуга келечекте пайда болгон маселелерди ийгиликүү чече турган жол таап берет. Ошондуктан, окуучунун инсан катары калыптанышына, ой пикирин, көз карашын эркин билдирүүгө алардын дилгирлигине өбөлгө түзүүдө, коомдук турмушка активдүү катыштырууда, башкалардын да оюн уга билүүдө, окуучуларды активдештирүүдө дидактикалык оюндарды окутуунун каражаты катарында колдонуунун мааниси өтө чоң экендиги педагогикалык, психологиялык, илимий-усулдук адабияттардан белгилүү. Макалада авторлор дидактикалык оюндарды окуучуларды активдештирүүнүн каражаты катарында физиканы окутууда колдонгон учурлар жазылган.*

***Ачкыч сөздөр:*** *физика, окутуу, мектеп, окуучу, технологиялар, дидактикалык оюндар, колдонуу, окутуунун каражаты*

**Молдокеримова Э.К., Асан кызы Наздана**

# ДИДАКТИЧЕСКИЕ ИГРЫ КАК СРЕДСТВО АКТИВИЗАЦИИ УЧАЩИХСЯ В ОБУЧЕНИИ ФИЗИКЕ

***Аннотация:*** *В статье исследовано активизация учащихся через дидактических игр преподавания физики. Увеличение информативности в условиях развития информационного общества требует развития самостоятельности, способностей учеников, формирования активизация. Использование дидактических игр в общеобразовательной школе показывает умения и направленность обучения, воспитания, развития, активизация учащихся, помогает учащемуся найти путь успешного решения проблем, возникающих в будущем. Поэтому важность использования дидактических игр в развитии учащихся как лисности, их стремления к свободному выражению своих мыслей и взглядов активного участия в общественной жизни, умения прислушиваться к*

*мнению других, формирования активности имеет большое значение по педагогическим, психологическим, научно-методическим причинам, стало известно из литературы.*

***Ключевые слова:*** *физика, преподавания, школа, ученик, технологии, дидактические игры, применение, активности, формирование, развитие*

**Moldokerimova E.K., Asan kyzy Nazdana**

## DIDACTIC GAMES AS A MEANS OF ACTIVATION STUDENTS IN PHYSICS EDUCATION

***Annotation:*** *The article describes the formation of students competence through didactic games for teaching computer science. The increase of information in the development of the information society requires the development of students independence, abilities, and the formation of practical competence. The use of didactic games in a general education school shows the skills and direction of teaching, education, development, formation of student to find a way to successfully solve problems that arise in the future. Therefore, the importance of using didactic games in the development students as individuals, their active participation in social life, the ability to listen to the opinions of subject and practical competences of students is very important for pedagogical, psychological, scientific reasons known from methodological literature.*

***Key words:*** *: computer science, teaching, school, a pupil, technologies, didactic games, subjects, competencies, formation, development*

Дүйнө жүзүндө жүрүп жаткан маалыматтык, социалдык, коомдук өзгөрүүлөр окуучулардын демилгелүүлүгүн, өз алдынчалыгын, мобилдүүлүгүн, активдүүлүгүн, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнү талап кылууда.

Заман талабына жараша, билим берүү кызматкерлери окуучунун теориялык алган билими турмушка пайдасы тийээрин аӊ сезимине сиӊирип, алган билимин тез жана сапаттуу колдонууга үйрөтүп, өз алдынча, демилгелүү, коомго активдүү позициядагы инсанды тарбиялоосу зарыл. Окуучунун жогорудагы сапаттарын өнүктүрүүдө жана калыптандырууда дидактикалык оюндардын мааниси чоӊ экендиги жөнүндө белгилүү педагог, психолог окумуштуулардын эмгектеринен белгилүү.

Белгилүү педагог Бекенбай Апыш “Тарбия назарияты» [2] деген эмгегинде: "Өнүгүү оюнда да, окууда да, эмгектенүүдө да жемиштүү ишке ашат. Оюн балдардын активдүү ишмердүүлүгүн камсыз кылат, аларды жашоо турмушка практикалык жактан даярдайт. Перзенттин инсан болуп жетилүүсүндөгү оюндун мааниси баа жеткис, оюндар

балдардагы табигый шык, таланттарды өстүрүп, чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрөт, объективдүү дүйнөнү таанып-билүүсү үчүн ыңгайлуу шарт түзүп, алардын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат, компетенттүүлүгүн өнүктүрөт”-деп, оюндарды окутууда, тарбиялоодо колдонууга чоң маани берген.

Эл мугалими И.Бекбоев: "Оюнсуз үйрөнүү жок..., окутуу процессинде оюнга артыкчылыктуу маани берүү керек, ансыз окутуу супсак жана жугумсуз болот. Ал гана эмес, жаттап алганга караганда ойноо процессинде өздөштүргөн нерсе бекемирээк сакталат" – деп, окутууда дидактикалык оюндарга артыкчылыктуу маани берүү керектигин жана окутууда дидактикалык оюндарды колдонуу жугумдуу болорун белгилеген [1].

Физиканы окутууда дидактикалык оюндарды колдонуунун артыкчылыктары жөнүндө белгилүү кыргыз физик-методисттери Э.Мамбетакунов, Д.Бабаев, М.Койчуманов, Н.Мааткеримов, А.Дөөлөталиевалар дагы өздөрүнүн изилдөөлөрүндө белгилешкен. Ал эми педагогика илимдеринин кандидаты, ЖАМУнун доценти Э.Молдокеримова дидактикалык оюндарды мааниси боюнча, функциялары боюнча, ишмердүүлүгү боюнча, мүнөздөмөлөрү боюнча класстарга бөлгөн [4].

Дидактикалык оюндарды мааниси боюнча жаңы идеяларды пайда кылуучу, бирин-бири окутуучу, диспут оюндары, кайталоодо, бышыктоодо, жалпылоодо колдонулуучу оюндар, ролдук оюндар, ал эми, мүнөздөмөлөрү боюнча изилдөөчү, баалоочу, психологиялык, дарылоочу, эвристикалык, интеллектуалдык деп бөлгөн.

Оюн сабактарында окуучулардын активдүүлүгүнө карата оюндар физикалык (сүйлөйт, жазат, угат, тартат), социалдык (пикир алмашат, суроо берет, жооп берет), таанып билүүчүлүк (толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүү менен проблеманын чечимин табат) болуп бөлүнөт.

Төмөндө окуучуларды активдештирүүчү дидактикалык оюндарды сунуш кылабыз. Оюндар окутуунун каражаты катарында колдонулат.

“Чын же жалган” оюну. Мугалим өткөн темага байланыштуу сүйлөмдөрдү окуйт, окуучулар чын же жалган экенин айтат. Мисалы, ылдамдык темасын өткөндө мугалим: “Телонун ыламдыгы ылдамдануунун өзгөрүшүн мүнөздөйт”- деген сүйлөмдү окуса, сүйлөм, жалган, анткени ылдамдык кыймылдын тездигин мүнөздөйт.

Эгерде мугалим : “Мен мектепке секундасына 15 метр ылдамдык менен басып келдим”” деген сүйлөм окуса, сүйлөм жалган, анткени чоң адам секундасына 2 метрдин тегерегинде гана ылдамдык менен басып келиши мүмкүн.

Мугалим: “Мерседес автомашинасы саатына 140 километр ылдамдык менен баратат” деген сүйлөм туура, анткени, Мерседес автомашинасы саатына 200 километр

ылдамдыкка чейин жүрөт. Жогорудагы оюн окуучуларды ойлонууга, сабакка активдүү катышууга өбөлгө түзөт.

“Логикалык физика” оюнун өткөн сабакты кайталоо жана жаңы темага өбөлгө түзүү учурунда колдонсо болот. Мисалы, мугалим ылдамдануу темасын өткөндө жаңы темага байланыштуу окуучуларга төмөнкүдөй логикалык суроолорду берет:

1. Ылдамдык эмнени мүнөздөйт? (Кыймылдын тездигин). 2. Ылдамдык менен ылдамдануунун айырмасы эмнеде? (Ылдамдык кыймылдын тездигин, ылдамдануу ылдамдыктын өзгөрүү тездигин мүнөздөйт).

3. Материалдык чекит деген эмне? (Белгилүү шарттарда өлчөмдөрүн эске албай коюууга мүмкүн болгон тело).

4. Ылдамдануу эмнеден көз каранды? (Аракет эткен күчтүн чоңдугунан жана телонун массасынан).

5. Ылдамдануу күчтүн багытынан көз карандыбы? (Ообо, телого аракет эткен күчтүн багыты менен ылдамдануунун багыты дал келет).

Миллионер оюну сабакты кайталоодо, бышыктоодо окуучуларды активдештирүү менен өз алдынча изденүүгө мажбурлайт. Кадимки картага окшош кыркылып жасалган карточкага кайталоого, бышыктоого арналган төмөнкүдөй суроолор жазылат:

1. Тело затпы?

2. Механикалык кыймылды заттар жасайбы?

3. Которулуш өтүлгөн жолбу?

4. Траектория которулушпу?

5.Кыймылдагы телонун ылдамдануусу нөлгө барабар болушу мүмкүнбү?

6. Айлана боюнча кыймылдаган телону кайсы күч кыймылга келтирет?

7. Кыймылдын тездигин эмне мүнөздөйт?

9. Ийри сызыктуу кыймылдын ылдамдыгы кандай багытталат?

10. Кыймылдын ылдамдыгы качан туруктуу болот?

11. Кирпик каккычактагы ылдамдык деген эмне?

Оюн төмөнкүдөй тартипте өтөт: доскага бир окуучуну мугалим чакырат, ал окуучу өзүнүн билимине жараша башка окуучуну чакырат. Окуучулар бири-биринен карточканы сууруп алып, карточкага жообун жазып, кайра бири-бирине көрсөтөт. Туура жооп алса, ал карточканы алып калат. Эгерде жооп туура болбосо, карточканы ээсине кайтарып берет. Утуп алган окуучу 2-чи бир утуп алган окуучу менен ойнойт. Оюндун аягында ар бир окуучу утуп алган карточкасына жараша бааланат жана класстагы “миллионер” (эң көп карточка утуп алган окуучу) аныкталат.

Дебат оюнун сабактын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн каражат катары колдонсо болот. Класс эки топко бөлүнүп, мугалим тарабынан төмөнкүдөй суроолор берилет:

1. Кыймыл жөнүндө эмнелерди билесиңер?

2. Ылдамдыктын формуласын жазгыла

3.Кыймылдын түрлөрүн атагыла

4.Ылдамдык менен ылдамдануунун айырмасы эмнеде?

5. Ийри сызыктуу кыймыл деген эмне?

Жогорудагы суроолорго туура жоопту табуу үчүн окуучулар талашып-тартышат.

Пазл оюнунда чакан кесинди фрагменттерден бир бүтүн картина же темага байланыштуу бир текст же закон же эреже чогултулат. Карточкада сүйлөм бүтпөй үзүлөт, уландысы кийинки карточкада болот. Мисалы, “Салыштырма жылуулук сыйымдуулук - массасы 1 кг болгон заттын температурасын 1 градуска өзгөртүү үчүн зарыл болгон жылуулуктун саны” деген эрежени төмөнкүдөй кесинди фрагменттерге бөлүп: “жылуулуктун саны”, “өзгөртүү үчүн зарыл”, “массасы 1 кг”, заттын температурасын”, “1 градуска” чогултууга болот.

Же мугалим сабактын темасын жазат жана окуучулар топторго бөлүнүп, Пазл-класстер түзүшөт. Башкача айтканда ар бир топ тема боюнча түшүнүктөрүн жазат: үзүндү текстерди чогултуп, закондорду, эрежелерди табышат. Тапшырманын туура аткарылгандыгына, окуучулардын активдүүлүгүнө баа коюлат. Пазл-класстерлер чогултулуп, мугалим жалпылайт.

Дидактикалык оюндар окуучунун ойлоосун өстүрөт, билимин тереңдетет, демилгелүүлүгүн, өз алдынчалыгын, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт, активдештирет, илимий дүйнө таанымын калыптандырат.

Физиканы окутууда дидактикалык оюндарды колдонуу маселеси теориялык жактан дагы, практикада дагы жакшы изилдене электиги белгилүү. Ошондуктан жогоруда биз сунуштаган оюндар жана дидактикалык оюндардын мааниси жөнүндөгү маалыматтар физика мугалимдерине дидактикалык оюндарды колдонууга жардам берет деп ойлойбуз...

***Колдонулган адабияттар***

1. Бекбоев И. Инсанга багытталган окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери.-Бишкек.:”Бийиктик”, 2011.- 348 б

2.Бекембай Апыш. Тарбия назарияты. -Ош, 1996.-140 б

3. КРнын жалпы билим берүүчү мектептердин 7-9-класстары үчүн “Физика” предметинин предметтик стандарты. -Бишкек, 2020.

4. Молдокеримова Э.К., Дөөлөталиева А.С. Физика-математикалык билим берүүдө дидактикалык оюндарды колдонуу.-Б.:Техника, 2014.-140 б

5. Молдокеримова Э, Ажикулова Ү. Оюндар аркылуу окутабыз.-Жалал-Абад, 2012.-56 б.

***Сведения об авторах:***

**Молдокеримова Эктибар Карабековна**, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад Мамлекеттик университети, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы, педагогика илимдеринин кандидаты, Физика жана информатика кафедрасынын доценти, 0-770-52 64 06, moldokerimovaektibar@gmail.com

**Асан кызы Наздана**, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы, магистрант

**Молдокеримова Эктибар Карабековна**, Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, Кыргызская Республика, кандидат педагогических наук, доцент кафедры Физики и информатики, Асан кызы Наздана, Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, Кыргызская Республика, магистрант

**Moldokerimova Ektibar Karabekovna**, Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov, Zhalal-Abad, Kyrgyz Republic, Candidate of Pedagogical Sciences, assistant professor

**Asan kyzy Nazdana**, Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov, Zhalal-Abad, Kyrgyz Republic, undergraduate student

**УДК 371.3:373.5:53.04**

**Жаманкулова Ю.**

## 8-КЛАССТА ЖЫЛУУЛУК КУБУЛУШТАРЫН ОКУТУУ

**Аннотация.** *Бул макалада жылуулук кубулуштарын окутуунун усулу, технологиялары изилденген. Жылуулук алмашуу, заттардын жылуулук сыйымдуулугу, жылуулук саны, ички энергия, ички энергиянын өзгөрүшү, жылуулук менен жумуштун жалпылыгы жана айырмачылыгы, отун, отундун күйүү жылуулугу, жылуулуктун жумушка өтүшү, жылуулук кыймылдаткычтарынын түрлөрү, жылуулук жана айлана чөйрө жөнүндөгү түшүнүктөрдү берүүнүн усулдары, окутуунун формалары, окуучулардын жылуулук кубулуштары жөнүндөгү билимдерин, билгичтиктерин жана ык-машыгууларын калыптандыруу маселелери жазылган.*

*Окуучулардын жылуулук кубулуштары жөнүндөгү билимдерди өздөштүрүүсүнө жетишүү, айлана чөйрөдөгү, техникадагы, жашоо тиричиликтеги кездешүүчү жылуулук кубулуштарынын маанисин түшүндүрүү, маселе чыгарууда, лабораториялык жумуштарды аткарууда алган теориялык билимин колдоно билүүгө үйрөтүү, окуучулардын инсан катары калыптанышына өбөлгө түзүүдө окутуунун усулдарынын тандалышы жана колдонулушу маанилүү роль ойнойт.*

**Ачкыч сөздөр:** *жылуулук кубулуштары, жылуулук кыймылдаткычтарынын түрлөрү, жылуулук жана айлана чөйрө*

**Жаманкулова Ю.**

## ПРЕПОДАВАНИЕ ТЕПЛОВЫХ ЯВЛЕНИЙ В 8 КЛАССЕ

**Аннотация.** *В этой статье рассматриваются методы и технологии обучения тепловым явлениям. Написаны вопросы теплообмена, теплоемкости веществ, теплового числа, внутренней энергии, изменения внутренней энергии, общности и различия тепла и работы, топлива, теплоты сгорания топлива, теплопередачи тепла в работу, видов тепловых двигателей, методов представления понятий о тепле и окружающей среде, форм обучения, формирования у учащихся знаний, умений и навыков о тепловых явлениях.*

*Выбор и применение методов обучения играют важную роль в достижении учащимися усвоения знаний о тепловых явлениях, объяснении значения тепловых явлений, встречающихся в окружающей среде, технике, быту, обучении применению теоретических знаний, полученных при постановке задач, выполнении лабораторных работ, содействии становлению личности учащихся.*

**Ключевые слова***:* *тепловые явления, типы тепловых двигателей, тепло и окружающая среда*

**Zhamankulova Yu.**

**TEACHING THERMAL PHENOMENA IN 8TH GRADE**

**Annotation.** *This article discusses methods and technologies for teaching thermal phenomena. The issues of heat exchange, heat capacity of substances, thermal number, internal energy, changes in internal energy, commonalities and differences between heat and work, fuel, heat of combustion of fuel, heat transfer of heat to work, types of heat engines, methods of representing concepts of heat and the environment, forms of education, formation of students' knowledge and skills about thermal phenomena.*

*The choice and application of teaching methods play an important role in students' learning about thermal phenomena, explaining the meaning of thermal phenomena occurring in the environment, technology, and everyday life, teaching the application of theoretical knowledge gained in setting tasks, performing laboratory work, and contributing to the formation of students' personality.*

***Key words:*** thermal phenomena, types of heat engines, heat and the environment

8-класста жылуулук кубулуштарын окутууда төмөнкүдөй милдеттер чечилет:

Таанып-билүүчүлүк милдеттер: окуучулар жылуулук кубулуштары жөнүндөгү физикалык билимдердин системасын өздөштүрөт, жаратылыштагы жана техникадагы жылуулук кубулуштарына өз алдынча байкоо жүргүзүү менен кубулушту теориянын негизинде түшүндүрөт, жылуулук кубулуштарын өздөштүрүп, турмушта колдонот.

Иш-аракеттик милдеттер: жылуулук кубулуштарына байланыштуу тажрыйбаларды пландаштырууну жана жүргүзүүнү үйрөнүшөт, өлчөөчү куралдардын жана жабдыктардын иштөө принциптерин билет, пайдалана алышат, жылуулук кубулуштарын турмушта, техникада колдоно билишет, окуучулар өз алдынча билимге ээ болушат, басма сөз, электрондук каражаттар менен иштей алышат.

Баалуулук милдеттер: окуучулар жылуулук кыймылдаткычтарынын иштөө принциби физика илимине негизделгенине ишенишет

Жылуулук кубулуштары жөнүндө окуучулар башталгыч класста Мекен таануу сабагынан алгачкы түшүнүктөргө, V класста Табият таануу сабагында жылуулук кубулуштары жөнүндө элементардык түшүнүктөргө, эми эми VIII класста жылуулук кубулуштары боюнча негизги билимге ээ болушат.

8-класста жылуулук кубулуштары жөнүндө окуучулардын билимдерине жана билгичтиктерине төмөнкүдөй негизги талаптар коюлган:

- окуучу катуу нерселердин, суюктуктардын, газдардын

жылуулуктан кеңейиши, ички энергия, жылуулук саны, жылуулук сыйымдуулук, нерсенин салыштырма жылуулук сыйымдуулугу, отундун күйүүсүнүн салыштырма жылуулугун;

- ички энергияны өзгөртүүнүн жолдорун, жылуулук берүүнүн

түрлөрүн;

- жылуулук кыймылдаткычтарын колдонуунун зыяндуу жактарын;
- айлана чөйрөнү коргоо боюнча чараларды көрүү зарылдыгын.

Окуучулар төмөнкүлөрдү жасай билүүгө тийиш:

- жылуулук санын эсептөөчү формуланы колдонуп, маселе

чыгарууну;

- ички энергияны өзгөртүүнүн жолдоруна жылуулук берүүнүн ар

кандай түрлорүнө берилген сапаттык көнүгүүлөрдү аткаруу;

- таблица боюнча нерсенин салыштырма жылуулук

сыйымдуулугунун, , салыштырма жылуулук сыйымдуулугунун маанисин табууну.

Маселе иштөө – окуучулардын алган билимин пайдалана алууга үйрөтүү, ык машыгууларын калыптандыруу үчүн колдонулат.

Жылуулук санын эсептөөнүн формуласына, газдардын кысылышында же кенейишинде аткарылган жумушка, отундардын салыштырма күйүү жылуулугунун формуласына маселелерди иштетүү керек.

Лабораториялык иштер методунда окулуп жаткан материалды демонстрациялоо, көргөзмөлүүлүк окуучулардын практикалык иши менен теориялык түшүнүгүн айкалыштырат. Мугалимдин жетекчилиги менен окуучулар өз алдынча тажрыйбаларды жасоо менен билимге, ык машыгууларга ээ болот.

8-класста “Жылуулук кубулуштары” бөлүмүн кайталоо сабагында Барабан оюнун сунуш кылабыз. Оюнду өткөрүү үчүн бөлүм боюнча суроолор түзүлөт. Оюнчу окуучу барабанды айландырып, ал токтогондо стрелка көрсөткөн суроого жооп берип, оюнду улантат. Эгерде барабандын стрелкасы көрсөткөн суроого жооп бере албай калса, оюндан чыгат.

Оюнду өткөрүү үчүн мугалим тарабынан түзүлгөн суроолор:

1. Жылуулук кыймылы деген эмне? (Заттарды түзгөн бөлүкчөлөрдүн кыймылы).

2.Жылуулук кандай жолдор менен берилет? ( Жылуулук өткөрүмдүүлүк, нурдануу, конвекция)

3. Жылуулук өткөрүмдүүлүк деген эмне? ( Бөлүкчөлөрдүн өз ара кагылышууларынын натыйжасында кинетикалык энергиянын бир орундан экинчи орунга берилиши)

4. Жылуулуктун бир нерседен экинчи нерсеге берилиши эмне деп аталат? (Нурдануу)

5. Газдардын же суюктуктардын катмарларынын орун алмашуусу ... ( конвекция)

6. Салыштырма жылуулук сыйымдуулук деген эмне? (Массасы 1 кг болгон заттын температурасын 1 градуска өзгөртүү үчүн зарыл болгон жылуулуктун саны)

7. Ысытуу үчүн сарпталган жылуулуктун санын аныктоо үчүн кайсы чоңдуктарды билүү керек? ( Заттын тегин, массасын, баштапкы жана акыркы температурасын, салыштырма жылуулук сыйымдуулугун)

8. Газдын молекулаларынын кинетикалык жана потенциалдык энергияларынын суммасынын аталышы? (Ички энергия)

9. Ички энергияны өзгөртүүнүн кандай жолдору бар? (Жылуулук берүү жана жумуш аткаруу)

10. Бир кг отун күйгөндө бөлүнүп чыккан жылуулук саны ... деп аталат ( Отундун күйүү жылуулугу)

11. Жылуулук кыймылдаткычтары деген эмне? ( Отундун ички энергиясын механикалык энергияга айландыруучу түзүлүштөр)

12. Жер бетиндеги жылуулуктун булагы (Күн)

8-класста окуучулар “Жылуулук кубулуштары” бөлүмүндө жылуулук алмашуу, заттардын жылуулук сыйымдуулугу, жылуулук саны, ички энергия, ички энергиянын өзгөрүшү, жылуулук менен жумуштун жалпылыгы жана айырмачылыгы, отун, отундун күйүү жылуулугу, жылуулуктун жумушка өтүшү, жылуулук кыймылдаткычтарынын түрлөрү, жылуулук жана айлана чөйрө жөнүндөгү билимдерди өздөштүрөт.

“Жылуулук кубулуштары” бөлүмү боюнча виртуалдык тажрыйбаларды, тесттерди, колдонуу жөндөмдүүлүгү, санариптик сабаттуулугу өнүгөт.

Бөлүмдөгү берилген маселелерди чыгаруу, лабораториялык иштерди аткаруу көндүмдөрү калыптанат.

Жылуулук кубулуштарынын турмуштагы жана техникадагы колдонулушу боюнча маалыматтарды өздөштүрөт.

***Колдонулган адабияттар***:

1. Физика, 8-класс. Орто мектептин 8-классы үчүн окуу китеби /

Т.Карашев, Э.Мамбетакунов, У.Мамбетакунов. Бишкек, 2010. -160 б.

2. КРнын ББжИМинистрлиги. Жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты. ФИЗИКА. 2020.

3. Презентацияларды, сабактардын пландарын даярдоо үчүн Microsoft office Powe Point 2010 тиркемеси

4. Дидактикалык оюндарды даярдоо үчүн https://wordwall.net/ru/resource/68909144 тиркемеси

5.Интерактивдүү плакаттарды колдонуу, кроссворддорду, ребустарды, кызыктуу кубулуштарды көрсөтүү үчүн seninvg07.narod.ru тиркемеси

***Сведения об авторах:***

Жаманкулова Юланда, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы, магистрант

Жаманкулова Юланда, Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, Кыргызская Республика, магистрант

Zhamankulova Yulanda, Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov, Zhalal-Abad, Kyrgyz Republic, undergraduate student

**УДК 371.134:53**

**Адылжан кызы Мафтунахан**

# ФИЗИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЫГАРУУДА ПРОБЛЕМАЛЫК ОКУТУУНУН ЭЛЕМЕНТТЕРИН КОЛДОНУУ

**Аннотация**. *Бул макалада орто мектепте физикалык маселелерди чыгарууда проблемалык окутуунун элементтерин колдонуу маселелери изилденген. Орто мектепте окуучу маселе иштөөдө физикалык закон ченемдүүлүктөрдү колдонот, натыйжада өз алдынчалыгы, алган теориялык билимин турмушта жана келечекте пайдалана алуу жөндөмдүүлүгү башкача айтканда практикалык компетенттүүлүгү калыптанат.*

*Учурда окуучу теориялык алган билимин тез жана сапаттуу анализдеп, туура чечим чыгара ала тургандай компетенттүүлүккө ээ болушу зарыл. Заман талабына жараша физиканы окутууда жаңы технологияларды колдонуу менен окуучуларга маселелерди чыгарууга үйрөтүүдө проблемалык окутуунун элементтерин колдонуу менен компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу заман талабы...*

**Ачкыч сөздөр***: физика, маселе чыгаруу, проблемалык окутуу, окуучу, өнүктүрүү, калыптандыруу, технологиялар*

**Адылжан кызы Мафтунахан**

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ЭЛЕМЕНТОВ ПРОБЛЕМНОГО ОБУЧЕНИЯ ПРИ РЕШЕНИИ ЗАДАЧ ПО ФИЗИКЕ

***Аннотация:*** *В этой статье исследованы вопросы использования элементов проблемного обучения при решении физических задач в средней школе. В старших классах ученик применяет физические закономерности в работе над проблемой, в результате формируется самостоятельность, практическая компетентность, то есть способность использовать полученные теоретические знания в жизни и в будущем.*

*В настоящее время необходимо, чтобы учащийся обладал достаточной компетентностью, чтобы иметь возможность быстро и качественно анализировать теоретические знания и принимать правильные решения. Формирование компетенций с использованием элементов проблемного обучения при обучении учащихся постановке задач с использованием новых технологий в обучении физике в соответствии с требованиями времени...*

***Ключевые слова:*** *физика, решение задач, проблемное обучение, ученик, развитие, формирование, технологии.*

**Adilzhan kyzy Maftunahan**

# USING ELEMENTS OF PROBLEM-BASED LEARNING IN SOLVING PHYSICS PROBLEMS

**Annotation**. *This article discusses the use of problem-based learning elements in solving physical problems in secondary school. In high school, a student applies physical patterns to work on a problem, resulting in independence, practical competence, that is, the ability to use the acquired theoretical knowledge in life and in the future.*

*Currently, it is necessary that the student has sufficient competence to be able to quickly and efficiently analyze theoretical knowledge and make the right decisions. The formation of competencies using elements of problem-based learning in teaching students how to set tasks using new technologies in teaching physics in accordance with the requirements of the time...*

**Key words:** *physics, problem solving, problem-based learning, student, development, education, technology.*

Физика илими материянын касиеттерин, жаратылыштын кубулуштарын үйрөтөт. Материянын касиеттерин, жаратылыштын закондорун билүү менен окуучу курчап турган дүйнөнү таанып билет. Окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү маселеси билим берүү системасынын негизги көйгөйү. Анткени, окумуштуулардын изилдөөлөрү боюнча окуучу физика сабагына активдүү катышпаса, сабак жугумсуз болот, окуучунун ойлоо жөндөмдүүлүгү өнүкпөйт. Ошондуктан педагог, психолог окумуштуулар окуучуларды предметке кызыктыруу, таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү, ойлоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн проблемалык окутууну сунуш кылып келишкен. Проблемалык окутуунун технологиялары колдонулганда билим берүүнүн сапаты жогорулайт, проблемалык суроолорго жооп берүү үчүн окуучулардын ой жүгүртүү ишмердүүлүгү активдешет, өнүгөт, окуучулардын предметтик компететенттүүлүктөрү калыптанат.

Проблемалык окутуу төмөнкүдөй этаптардан турат:

-проблемалык жагдай түзүү;

-проблеманы анализдөө;

-проблеманы чечүү үчүн сунуштарды иштеп чыгуу жана сунуштардын тууралыгын далилдөө;

-проблемалык окутуунун жыйынтыгын талкуулоо.

Орто мектепте жаратылыш кубулуштарын түшүндүрүүдө маселе иштөө сабагынын мааниси өтө чоң. Анткени, окуучу физикадан алган теориялык билимин маселе иштөө менен бышыктайт. Маселе иштөө – окуучулардын алган билимин пайдалана алууга үйрөтүү, ык машыгууларын калыптандыруу үчүн колдонулат.Физикалык маселелерди

чыгарууда да проблемалык окутуунун технологияларын колдонуу максатка ылайык деп ойлойбуз.

Маселе иштөө сабагында проблемалык окутуунун төмөнкүдөй этаптары сунуш кылынат:

1. Окуучуларды маселе иштөөгө даярдоо.

2. Маселенин берилишине, маселени чыгарууга багытталган проблемалык жагдай түзүү.

3. Маселени чыгарууга багытталган окуучулардын ой-пикирлери жана маселени чыгаруу.

4. Проблемалык жагдайдын туура чечилишин текшерүү.

Физиканы окутуунун 1-баскычында окуу китебинде берилген маселелердин мазмунуна жана татаалдык деңгээлине байланыштуу, 1 же 2 амал менен чыгарылуучу жана сапаттык маселелер иштетилет. Мындай сапаттык маселелерди иштетүүдө проблемалык суроолорду кое билүү менен, окуучулардын сапаттык маселелерди чыгаруу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө болот.

Төмөндө 7-8-класстарда окуучулар маселе иштөө сабагында ээ болууга тийиш болгон билим, билгичтиктери көрсөтүлгөн.

7-класста окуучулар физикадан маселе чыгарууда төмөнкүдөй билим, билгичтиктерге ээ болуусу керек:

-оордук күчү менен массанын байланышын, оордук күчүнүн аракети астында суюктуктун басымын эсептөөнү билиши керек.

-Паскалдын законунун колдонулушуна, суюктуктардын ичиндеги басымдарды салыштырууга, Архимед күчүнүн суюктуктун тыгыздыгына, суюктукка матырылган телонун бөлүгүнүн көлөмүнө көз карандылыгына, телолордун калкуу, сүзүү шарттарын колдонуп сапаттуу маселелерди чыгаруу билгичтиктерине;

-тыгыздыктын, басымдын, Архимед күчүнүн, механикалык жумуштун, кубаттуулуктун, механиканын “алтын эрежесинин” формулаларын колдонуп, эсептөөчү маселелерди чыгаруу билгичтиктерине ээ болууга тийиш.

Ал эми 8-класста жылуулук кубулуштарына маселе чыгарууда окуучу:

-телонун температурасы өзгөргөндө жана отун күйгөндө, заттардын агрегаттык абалдары өзгөргөндө бөлүнүп чыккан жылуулук санын эсептөө үчүн формулаларды билүүгө тийиш.

-Ички энергияны өзгөртүүнүн жолдору, жылуулук берүүнүн жолдору жөнүндөгү билимдерин пайдаланып, сапаттык маселелерди чыгаруу;

-заттардын салыштырма жылуулугунун, отундун күйүүсүнүн

салыштырма жылуулугунун, ээрүүнүн салыштырма жылуулугунун жана буу пайда болуунун салыштырма жылуулугунун маанилерин таблица боюнча табуу;

-жылуулук санынын, отундун күйүүсүнүн салыштырма

жылуулугунун, эрүүнүн салыштырма жылуулугунун, буу пайда болуунун салыштырма жылуулугун табуунун формулаларын колдонуп, маселе чыгаруу билгичтиктерине ээ болуусу керек.

Электрдик жана магниттик кубулуштарга маселе иштөөдө окуучулар төмөнкүдөй: өткөргүчтүн каршылыгын анын узундугу жана туурасынан кесилиш аянты боюнча эсептөө үчүн электр тогунун жумушун жана кубаттуулугун, тогу бар өткөргүчтө бөлүнүп чыккан жылуулук санын эсептөө үчүн формулаларды билиши керек.

Ошондой эле ток күчүн, электрдик чыңалуунун жана каршылыкты, өткөргүчтүн узундугун жана туурасынан кесилиш аянтын, электр тогунун жумушун жана кубаттуулугун, тогу бар өткөргүчтөн бөлүнүп чыккан жылуулуктун санын, сарпталган электр энергиясынын наркын эсептөөгө маселе чыгарууну, таблица боюнча өткөргүчтүн салыштырма каршылыгын табууну, чынжырдын бөлүгү үчүн Ом законуна, салыштырма каршылыкты табууга, токтун кубаттулугун, жумушун, Джоуль-Ленцтин законун колдонуп, маселе чыгаруу билгичтиктерине ээ болуусу керек.

Маселе чыгаруунун структурасы төмөнкүдөй 4 этаптан турат:

1. Маселенин шарты менен таанышуу.
2. Маселени чыгаруунун планын түзүү.
3. Маселени чыгаруу.
4. Маселенин чыгарылышынын тууралыгын текшерүү.

Маселени чыгаруунун ар бир этабы төмөнкүдөй аракеттердин таасири

менен ишке ашат:

-ориентировка, аракеттин максатын тактоо, өзгөртүп түзүүгө

мүмкүн болгон обьектилердин касиеттерин бөлүп алуу;

-пландаштыруу, өзгөртүп түзүүлөрдүн составын жана

удаалаштыгын аныктоо;

-аткаруу, өзгөртүп түзүүлөрдү ишке ашыруу;

-текшерүү, алынган жыйынтыкты аракеттин максаты менен

салыштыруу. Физикадан маселе иштөө сабактарынын жогорудагы этаптарын проблемалык окутуунун этаптары менен айкалыштыруу изилдөөбүздүн келечектеги маселеси.

Физика боюнча маселелерди чыгарууда проблемалык технологияларды колдонуу менен окуучуларды физикага кызыктырууга болот. Маселе иштөөдө проблемалык

суроолорду кое билүү менен окуучулардын ойлоосун өнүктүрүүгө, сабакта окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө болот. Проблемалык окутуу окуучуга жугумдуу болот, окуучулардын предметтик компетенттүүлүктөрү өнүгөт, калыптанат.

Окуучулар критикалык ой жүгүртүүгө үйрөнөт, көйгөйлөрдү чечүү көндүмдөрү калыптанат, көйгөйлөрдү чечүү үчүн маалымат чогултат, көйгөйлөрдү чечүү үчүн ресурстарды издейт, чакан топтордо иштеп, баарлашат, командада иштөө менен кызматташат, өз алдынча изденет, заманбап билим берүү тармагында олуттуу мааниге ээ. Ошондуктан, физикадан маселе иштөө сабактарында проблемалык окутуунун технологияларын колдонуу максатка ылайык деп ойлойбуз.

***Колдонулган адабияттар*:**

1. Мамбетакунов Э. Физика: орто мектептин 7-классы үчүн окуу китеби “Билим компьютер” басмасы, Бишкек, 2009, - 176 б.

2. Карашев Т., Мамбетакунов Э., Мамбетакунов У. Физика: орто мектептин 8-классы үчүн окуу китеби “Билим компьютер” басмасы, Бишкек, 2008, - 160 б.

3. Көйгөйгө негизделген окутуу https://ahaslides.com > blog >probl

4. Кудрявцев В.Т. Проблемное обучение: истоки, сущность, перспективы.- М.:”Знание”, 1991.- 80 с.

***Сведения об авторах***

Адылжан кызы Мафтунахан, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы, магистрант

Адылжан кызы Мафтунахан, Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, Кыргызская Республика, магистрант

Adilzhan kyzy Maftunahan, Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov, Zhalal-Abad, Kyrgyz Republic, undergraduate student

**УДК 371.3:373.5:53.05**

**Молдокеримова Э.К., А.Тайирова**

# ЖАРЫК КУБУЛУШТАРЫН ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Аннотация**. *Бул макалада орто мектепте жарык кубулуштарын окутууда окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери изилденген.*

*Орто мектепте окуучу жарык кубулуштарын окуп үйрөнүүдө жарык булактары, жарыктаныш, жарыктын толкундук жана кванттык касиеттери боюнча закон ченемдүүлүктөрдү өздөштүрөт. Жарык кубулуштарынын турмушта, техникада колдонулушу боюнча лазерлер, фотоэффект, фотосинтез, фотография жөнүндө маалыматтарды алуу менен окуучулардын практикалык компетенттүүлүктөрү, өз алдынчалыгы, алган теориялык билимин турмушта жана келечекте пайдалана алуу компетенттүүлүгү калыптанат.*

*Компетенттүүлүк – бул инсандын билимин, турмуштук тажрыйбасын, шыгын, баалуулуктарын пайдаланып, пайда болгон көйгөйлөрдү чече билүү жөндөмдүүлүгү. Учурда окуучу алган билимин тез жана сапаттуу анализдеп, туура чечим чыгара ала тургандай компетенттүүлүккө ээ болушу зарыл. Ошондуктан, жарык кубулуштарын окутууда жаңы технологияларды колдонуу менен окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу заман талабы...*

**Өзөктүү сөздөр**: *физика, жарык кубулуштары, окуучу, окутуу, компетенттүүлүк, өнүктүрүү, калыптандыруу, технологиялар.*

**Молдокеримова Э.К., А.Тайирова**

# ФОРМИРОВАНИЕ КОМПЕТЕНЦИЙ УЧАЩИХСЯ В ПРЕПОДАВАНИИ СВЕТОВЫХ ЯВЛЕНИЙ

***Аннотация.*** *В данной статье исследованы вопросы формирования компетентности учащихся в обучении световым явлениям в средней школе. В средней школе ученик усваивает закономерности в отношении источников света, освещенности, волновых и квантовых свойств света при обучении световых явлений. Получая информацию о лазерах, фотоэффекте, фотосинтезе, фотографии по применению световых явлений в жизни, технике, формируются практические компетенции учащихся, их самостоятельность, компетентность использовать полученные теоретические знания в жизни и в будущем*

*Компетентность — это способность человека использовать свои знания, жизненный опыт, навыки, ценности для решения возникающих проблем. В настоящее время необходимо, чтобы учащийся обладал достаточной компетентностью, чтобы он мог быстро и качественно анализировать полученные знания и принимать правильные решения. Поэтому, используя новые технологии в обучении световым явлениям, можно повысить компетентность учащихся.*

***Ключевые слова:*** *физика, световые явления, ученик, обучение, компетентность, развитие, формирование, технологии.*

**Moldokerimova E.K., A. Tayirova**

**FORMATION OF STUDENTS COMPETENCIES IN TEACHING LIGHT PHENOMENA**

***Annotation:*** *This article discusses the issues of the formation of students' competence in teaching light phenomena in secondary school. In secondary school, students learn patterns about light sources, illumination, wave and quantum properties of light when learning about light phenomena. By receiving information about lasers, the photoelectric effect, photosynthesis, and photography on the application of light phenomena in life and technology, students' practical competencies, independence, and competence to use the acquired theoretical knowledge in life and in the future are formed. Competence is a person's ability to use their knowledge, life experience, skills, and values to solve emerging problems. Currently, it is necessary for the student to have sufficient competence so that he can quickly and efficiently analyze the knowledge gained and make the right decisions. Therefore, using new technologies in teaching light phenomena, it is possible to increase the competence of students.*

***Key words****: physics, light phenomena, student, learning, competence, development, education, technology.*

Учурда окуучулардын алган теориялык билимин турмушта, келечектеги иш-аракеттеринде пайдалана алуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу маселеси мектептин, мугалимдин негизги көйгөйүнө айланды. Инсандын билимин, турмуштук тажрыйбасын, шыгын, баалуулуктарын пайдаланып, пайда болгон көйгөйлөрдү чече билүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу - заман талабы. Ошондуктан, физиканы окутууда жаңы технологияларды колдонуу менен окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга өзгөчө маани берүү керектиги зарыл болуп турат.

Физика сабагында, физика боюнча класстан тышкаркы сабактарда окуучунун жаратылыштагы кубулуштардын закон ченемдүүлүктөрүн өздөштүрүүсү, ойлоосу, чыгармачылыгы, демилгелүүлүгү, элестетүүсү, өз алдынчалыгы, физиканы таанып билүү кызыкчылыгы, алган теориялык билимин турмушта жана келечекте пайдалана алуу жөндөмдүүлүгү башкача айтканда компетенттүүлүгү калыптанат.

XI класста жарык кубулуштары жөнүндө окуучуларга төмөнкү түшүнүктөр берилет: жарыктын дуализми, жарык булактары, жарыктаныш, жарыктын интерференциясы, дифракциясы, дисперциясы, поляризациясы, лазерлер, голография, жарыктын кванттык касиеттери, фотоэффект, фотоэлементтер, фотосинтез, фотография, жарыктын басымы ж.б. Жогорудагы түшүнүктөрдү берүүдө алгач окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүктөрүн, таанып-билүү активдүүлүгүн, өз алдынча билим алуусун калыптандыруу керек.

Жарык кубулуштарын окуп үйрөнүү жарыктын дуализмин, жарык булактарын үйрөнүүдөн башталат. Ошондуктан мугалим адегенде жарыктын корпускулалык жана толкундук касиеттеринин тарыхына кайрылып, ал касиеттерди изилдеген окумуштуулар сунуш кылган теориялар, гипотезалар жөнүндө кеңири, кызыктуу маалыматтарды берип,

окуучулардын жарык кубулуштары жөнүндөгү билимдерин жана билгичтиктерин калыптандыруусу абзел.

Физикадагы кыймылдарды жана алардын траекторияларын аныктоо үчүн көп учурда **Ньютондун экинчи закону** колдонулат, бул болсо дифференциалдык теңдемелер көрүнүшүндө болот б.а. дифференциалдык теңдемелерди берет.

Ньютондун экинчи закону:

$$F = ma$$

Бул жерде:

- $F -$ күч,
- $m -$ масса,
- $a -$ ылдамдануу (акселерация).

Акселерация $a$ — бул ылдамдыктын өзгөрүүсү башкача айтканда ылдамдануу, ал дифференциалдык түрдө төмөндөгүдөй жазылат:

$$a = \frac{d^2x}{dt^2}$$

Бул экинчи даражадагы дифференциалдык теңдеме физикалык системанын кыймылын аныктоо үчүн колдонулат, анткени $x(t) -$ телонун убакыт боюнча абалы, траекториясы, $t$ — убакыт. Ньютондун экинчи закону дифференциалдык теңдемеге келет да, кыймылдын траекториясын тапканга мүмкүнчүлүк пайда болот.

Мисалга алсак, эгерде телого гравитациялык күч гана таасир этсе, $F = -mg$ анда пайда болгон теңдеме төмөндөгүдөй болот [4]:

$$m\frac{d^2x}{dt^2} = -mg \Rightarrow \frac{d^2x}{dt^2} = -g$$

Бул дифференциалдык теңдеменин чычгарылышын тапсак, анда телонун абалы убакытка карата төмөнкүдөй табылат:

$$x(t) = -\frac{1}{2}gt^2 + v_0t + x_0$$

Пайда болгон теңдеме – вертикалдуу ыргытылган телонун траекториясын берет.

Мына ушул каралып жаткан механикалык кыймылдын траекториясына байланышуу дифференциалдык теңдемелерге бир жөнөкөй, бирок абдан маанилүү болгон мисал катары ыргытылган снаряддын кыймылын карап көрөлү. Бул классикалык физикада жана математикада кеңири колдонулган мисал болуп саналат.

Мисал: Снаряддын кыймылы (параболалык кыймыл). Алгач аба каршылыгын эске албай туруп, горизонталдык багытта ылдамдык менен ыргытылган телону карап көрөлү. Мында баштапкы шарттар: телонун баштапкы ылдамдыгы - $v_0$ , ыргытылган бурч горизонт боюнча – $\theta$, гравитациялык ылдамдануу - $g$, баштапкы абал - $x(0) = 0, y(0) = 0$ болсун дейли. Анда кыймылдын теңдемелери горизонталдык багытта: $\frac{dx}{dt} = v_0 \cos(\theta)$, ал эми вертикалдык багытта: $\frac{dy}{dt} = v_0 \sin(\theta) - gt$. Бул теңдемелерди интегралдасак анда, горизонталдуу кыймыл $x(t) = v_0 \cos(\theta) \cdot t$, ал эми вертикалдуу кыймыл $y(t) = v_0 \sin(\theta) \cdot t - \frac{1}{2}gt^2$ көрүнүшүндө болот. Эми траекторияны табалы $t$ убакытты жоготуп, $y$ ти $x$ аркылуу туюнтуп алуу үчүн, алгач $x(t)$ тен $t$ ны табабыз: $t = \frac{x}{v_0 \cos(\theta)}$ , бул маанини вертикалдуу кыймылдагы $y(t)$ нын ордуна алып барып коюп, төмөндөгүгө ээ болобуз:

$$y = x\,\mathrm{tg}(\theta) - \frac{gx^2}{2v_0^2 \cos^2(\theta)}$$

Натыйжада бул теңдеме $y(x) = x\,\mathrm{tg}(\theta) - \frac{gx^2}{2v_0^2 \cos^2(\theta)}$ көрүнүшүнө келет. Келип чыккан теңдемени график түрүндө карап көрөлү. Бул график снаряддын траекториясын (параболаны) берет. Көрүнүп тургандай, тело ыргытылгын соң, ал жогору көтөрүлүп, андан соң кайра ылдыйга түшөт – бул параболалык кыймылга мүнөздүү (1-сүрөт).







**1-сүрөт 2-сүрөт**

Эми $30^0, 45^0$, $60^0$ бурчтар менен ыргытылгын снаряддардын траекторияларынын графигин көрөлү (2-сүрөт):

$30^0$ бурчта – кыймыл жапыз, бирок алысыраак ыргытылат;

$45^0$ бурчта – кыймыл максималдуу аралыкка жетет (идеалдуу траектория);

$60^0$ бурчта – кыймыл бийикке жакшы көтөрүлөт, бирок графикте көрүнүп тургандай кыска аралыкка ыргытылат [1].

Жогорудагы графикте биз абанын каршылыгын эске албай, тагыраак айтканда аба каршылыгы жок учурда көрсөтүлдү. Эми снаряддын кыймылын аба каршылыгын эске алуу менен карап көрөбүз. Мында максималдуу бийиктик жана аралык азаят жана траектория ассимметриялуу болуп калат, себеби аба каршылыгы кыймылга тоскоол болот (3-сүрөт).




**3-сүрөт**

Эми параметрлердин (баштапкы ылдамдыктын, ыргытуу бурчунун, аба каршылыгынын коэффициентинин) кыймылгы тийгизген таасирин карап көрөбүз. Алгач графикте ар кандай шарттарда ыргытылган телонун траекторияларын көрсөтөлү. Мында баштапкы ылдамдык $v_0$, ыргытуу бурчу θ жана аба каршылыгынын коэффициенти k өзгөртүлүп, алардын кыймылга тийгизген таасири салыштырылган (4-сүрөт).

- (А) сызыгы ($v_0$ = 15 м/с): Баштапкы ылдамдык аз болгондуктан тело анча бийик көтөрүлбөйт жана аз аралыкка ыргытылат.
- (В) сызыгы ($v_0$ = 20 м/с): Ушул эле бурчта, бирок чоңураак ылдамдыкта кыймылдын ыргытылган аралыгы жана бийиктиги көбөйөт.
- (С) сызыгы (θ = 60°): Ыргытуу бурчу чоң болгондо тело жогору көтөрүлөт, бирок ыргытылган аралыгы азаят.
- (Е) сызыгы (k = 0,3): Абанын каршылыгы чоң болгондо кыймыл кескин кыскарат. Телонун ылдамдыгы ылдамыраак азаят, жана ал ылдый жакка тезираак түшө баштайт.




**4-сүрөт**

Бул графикте абанын каршылыгы кыймылга олуттуу таасир этерин жана оптималдуу параметрлерди тандоо кыймылдын эффективдүүлүгү үчүн маанилүү экенин көрүүгө болот [2].

**2. Импульстун сакталуу закону.**

Импульс $p = mv$ (мында $m$ — масса, $v$ — ылдамдык) сакталуу законунун негизинде, ошол же башка объекттердин кыймылын аныктоо үчүн дифференциалдык теңдемелер түзүлөт.

Импульстун сакталуу законуна ылайык, бардык күчтөр жок учурда (же бир топ убакыт ичинде) дифференциалдык теңдеме төмөнкүдөй болот:

$$\frac{dp}{dt} = 0$$

Бул ошол объекттин импульсу убакытка байланыштуу өзгөрбөйт дегенди билдирет. Бул көбүнчө космологияда, механикада, жана кванттык физикада колдонулат.

**3. Энергиянын сакталуу закону.**

Энергиянын сакталуу закону да дифференциалдык теңдемелер аркылуу жазылышы мүмкүн. Мисалы, кинетикалык энергия жана потенциалдык энергиянын ортосундагы байланыш:

$$E_{kin} = \frac{1}{2}mv^2$$

$$E_{pot} = mgh$$

Эгерде система жабык болсо жана тышкы күчтөр болбосо, жалпы энергия сакталат:

$$E_{total} = E_{kin} + E_{pot} = const$$

Бул сакталуу закондорунун мыйзамдарынын колдонулушу чоң роль ойнойт, анткени энергиянын жана импульстун сакталуусу кыймылдын жана процесстердин өзгөрүшүн түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Бул макалада дифференциалдык теңдемелердин чыгарылыштарынын механикалык кыймылдын траекториясына (снарядды ыргытуу мисалында) тийгизген таасири терең иликтенип, алардын кыймылды моделдөөдөгү ролу так көрсөтүлдү. Дифференциалдык теңдемелер ар кандай механикалык процесстерди, атап айтканда, телолордун траекториясы, ылдамдыгы жана ылдамдануусу сыяктуу кыймыл параметрлерин сүрөттөөдө маанилүү математикалык курал болуп саналат [5].

Изилдөөдө механикалык кыймылдын ар кандай түрлөрү үчүн түзүлгөн моделдер аркылуу кыймылдын траекториясы баштапкы шарттарга жана сырткы факторлорго жараша кандайча өзгөрөрү көрсөтүлдү. Бул өз кезегинде дифференциалдык теңдемелердин чыгарылыштарынын кыймыл траекториясын так аныктоодо жана анализдөөнү жеңилдетүүдө чоң мааниге ээ экендиги далилдеди.

Ошондой эле, бул макала аркылуу кыймылдын мүнөздөмөлөрүн түшүнүүдө математикалык ыкмаларды колдонуу практикалык жана теориялык жактан тең маанилүү экендиги белгилүү болду. Натыйжада, дифференциалдык теңдемелерди колдонуу менен механикалык системалардагы кыймылдын жүрүшүн алдын ала билүү, башкаруу жана

оптималдаштыруу мүмкүнчүлүгү кеңейе тургандыгын көрүүгө болот.

**Адабияттар:**

6. Е. М. Аксененко, Г. М. Чуванова Применение дифференциальных уравнений к решению задач. Южно – Сахалинск изд-во СахГУ, 2013. – 52 с.
7. Boyce W.E., DiPrima R.C. – Elementary Differential Equations and Boundary Value Problems. – New York: Wiley, 2009
8. Арнольд В.И. Обыкновенные дифференциальные уравнения. – Москва: Наука, 1984
9. https://eduherald.ru/ru/article/view?id=18200
10. https://staff.tiiame.uz/storage/users/4/books/UGkk4QGpTHPy32WE2XnS6NVDG7um0Qgg8quODn2S.pdf
11. https://cyberleninka.ru/article/n/reshenie-zadach-mehaniki-primeneniem-differentsialnyh-uravneniy/viewer

**УДК 517.946+517.958**

**Джуреав Абубакир Мухтарович, Эмилбек кызы Сезимай**

*Жалал-Абад мамлекеттик университети Кыргызстан, Жалал-Абад*

# ЭКИНЧИ ТАРТИПТЕГИ ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕРДИН ЖАНА ЧЕКТИК МАСЕЛЕЛЕРДИН КОЛДОНУЛУШУ

**Аннотация**. *Бул макалада экинчи тартиптеги дифференциалдык теңдемелердин жана чектик маселелердин колдонулушу каралат. Дифференциалдык теңдемелер кайсыл тармактарда колдонулуусу каралып, биология тармагында кеңири колдонулуусу, биологиялык системалардын өзгөрүүсүн жана абалын моделдөөдө жана клеткалардын өсүшү жана бөлүнүшү биологиялык процесстердин негизги аспектери экинчи тартиптеги теңдемелер аркылуу сүрөттөлөтөлүшү, популяциянын өсүшү жана турукташтыгы, Лотка-Вольтерра теңдемелери сыяктуу модельдер аркылуу кеңири талкууланат.*

**Өзөктүү сөздөр**: *экинчи тартиптеги дифференциалдык теңдеме, Лотка-Вольтерра модельдери, биологияга байланыштуу маселелер, чектик маселелер.*

**Джуреав Абубакир Мухтарович, Эмилбек кызы Сезимай**

*Джалал-Абадский государственный университет, Кыргызстан, Джалал-Абад*

# ПРИМЕНЕНИЕ ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНЫХ УРАВНЕНИЙ ВТОРОГО ПОРЯДКА И ПРЕДЕЛЬНЫХ ЗАДАЧ

**Аннотация.** *В данной статье рассматривается применение дифференциальных уравнений второго порядка и краевых задач, возникающих при их решении. Особое внимание уделено областям использования таких уравнений, в частности в биологии, где они применяются для моделирования процессов роста и деления клеток, а также изменения биологических систем. Отдельно анализируются модели, основанные на уравнениях Лотки–Вольтерры, описывающих устойчивость и развитие популяций. Даётся обоснование важности изучения краевых задач, как ключевого аспекта при исследовании решений дифференциальных уравнений второго порядка.*

**Ключевые слова:** *дифференциальные уравнения второго порядка, модели Лотки-Вольтерры, биологические задачи, краевые задачи.*

**Dzhureav Abubakir Mukhtarovich, Emilbek kyzy Sezimai**

*Jalal-Abad State University, Kyrgyzstan, Jalal-Abad*

# APPLICATION OF SECOND ORDER DIFFERENTIAL EQUATIONS AND LIMIT PROBLEMS

**Abstract.** *This paper explores the application of second-order differential equations and the related boundary value problems. Special attention is given to their use in various fields, particularly in biology, where they help model cell growth, division, and the dynamics of biological systems. The study includes an analysis of Lotka–Volterra-type models that describe population growth and stability. The importance of boundary value problems is emphasized as a crucial aspect of solving second-order differential equations.*

**Key words:** *second-order differential equations, Lotka-Volterra models, biological problems, boundary value problems*.

Экинчи тартиптеги дифференциалык теңдеме – функцияны жана анын экинчи тартиптеги туундусун камтыган диференциалдык теңдеме.

Чектик маселе - дифференциалдык теңдемелерди изилдөөдө чектик шарттар деп аталган чектөөлөргө дуушар болгон дифференциалдык теңдеме болуп саналат. Дифференциалдык теңдеме үчүн чектик маселенин чечими чек ара шарттарын да канаатандырган дифференциалдык тендеменин чечими болуп саналат.

Экинчи тартиптеги дифференциалдык теңдеме үчүн чектик маселелер техникада, экономикада, математикалык физикада, биологияда жана башка тармактарда кеңири колдонулат, мында убакытка жана (же) мейкиндикке көз каранды процесстерди моделдөө зарыл.

Экинчи тартиптеги дифференциалдык теңдемелер – булар эң көп колдонулган теңдемелердин түрлөрүнүн бирлери. Теңдемелердин ар кандай колдонмолору бар жана анын ичинде биологиялык процесстердин моделдери.

Экинчи тартиптеги дифференциалдык теңдемелер кеңири биологияда колдонулат. Биологияда, биологиялык системалардын өзгөрүүсүн жана абалын моделдөөдө маанилүү ролду ойнойт. Бул теңдемелер көбүнчө "өзгөрүү" деген түшүнүктөр менен байланышып, көбүнчө клеткалардын өсүшү, популяциянын динамикасы же ар кандай экосистемалардагы агымдарды моделдөөдө колдонулат.

**Клеткалардын өсүшү жана адаптациясы.** Клеткалардын өсүшү жана бөлүнүшү биологиялык процесстердин негизги аспектери болуп саналат. Экинчи тартиптеги тендемелер аркылуу бул процесстер сүрөттөлөт, анткени клеткалардын динамикасы клеткалардын саны көбөйүп жатканда убакыттын өтүшү менен өзгөрүп турат. Бул теңдемелер, клеткалардын ар бир абалынын өзгөрүүсүн аныктап, аларды төмөнкүлөр сыяктуу өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен түзүлөт:

1. Клеткалардын көбөйүшү
2. Популяциянын тыгыздыгы
3. Энергияны сарптоо жана реорганизациялоо.

Теңдемелерди чечүү клеткалардын жаратылыштагы адаптациялык өзгөрүүлөрүн да түшүнүүгө жардам берет.

**Мисалы,** убакыттын өтүшү менен клетканын өсүү закону.

Клетканын үстү анын көлөмүнө туруктуу болгон таякча сымал клеткалар үчүн клетканын өсүү ылдамдыгы dl/dt, төмөндөгү берилген учурда клетканын узундугуна пропорционалдуу:

$$\frac{dl}{dt} = (\alpha - \beta)\, dt$$

мында $\alpha$ и $\beta$ – синтез жана ажыроо процесстерин мүнөздөгөн туруктуулар.

(9.7.2) теңдемеде биз өзгөрмөлөрдү бөлүп, аны интеграциялайбыз (http://studfile.net)

$\frac{dl}{l}$ = (α – β) dt; $\int \frac{dl}{l} = \int(\alpha - \beta)\,dt$;

ln $l$ = (α – β)t + ln C; ln $l$ = ln $e^{(\alpha - \beta)t}$ + ln C,

$l = Ce^{(\alpha - \beta)t}$ .

t=0, l= $l_0$ туруктуу C = $l_0$ демек,

l= $l_0 e^{(\alpha - \beta)t}$,

башкача айтканда, таякча сымал клеткалардын өсүшү экспоненциалдык законго ылайык болот.

**Популяциянын динамикасы.** Экосистеманын маанилүү аспектилеринен болуп популяциянын өсүшү жана турукташтыгы саналат. Бул процесс Лотка-Вольтерра теңдемелери сыяктуу модельдер аркылуу кеңири талкууланат. Популяциянын өсүшү жана тукумдуу оргaндардын динамикасы жөнүндө түшүнүктөр бул теңдемелердин негизинде берилет. Теңдемелердин чечилиши популяциянын динамикасына, анын структурасына, экосистемадагы башка факторлорго жана ресурстардын жетишсиздигине көз каранды.

Популяциянын өсүшү жөнүндө дифференциалдык теңдемелердин эки негизги түрү бар:

1. **Логистикалык өсүш:** популяциянын саны абдан чоң болгон учурда өсүш токтойт.
2. **Экспонециалдык өсүш:** популяцич күчтүү өсөт, эгерде ресурстардын чектелүүсү жок болсо.

Экинчи тартиптеги дифференциалдык теңдемелер процесстердин убакыттын өтүшү менен өзгөрүшүн так жана болжолдоо үчүн колдонулат.

**Мисалы,** популяциялардын өсүү динамикасын моделдеген экинчи тартиптеги дифференциалдык теңдемени карап көрөлү. Бул моделде популяциянын өсүшү, анын ичиндеги жырткыч-жемтик динамикасын көрсөтсөк болот.

**Лотка-Волтера моделдери.** Лотка-Волтера модели – деп жырткычтар жана жемтиктер популяцияларынын динамикасын түшүндүрүүчү математикалык моделдин жыйындысы. Модель экологиялык системалардагы жырткыч-жемтиктер өз ара байланышын, ошондой эле алардын убакыттын өтүшү менен өзгөрүп жатканын түшүнүү менен экинчи тартиптеги дифференциалдык теңлемелер аркылуу моделдей алабыз.

Математикалык түрдө, сунушталган система төмөнкүдөй формага ээ:

$$\frac{dx}{dt} = (\alpha - \beta y)\,x,$$

$$\frac{dy}{dt} = (-\gamma + \delta x)\,y,$$

Мында, $x$ – жемтиктердин саны, $y$ - жырткычтардын саны, $t$ – убакыт, α,β,γ,δ – түрлөрдүн ортосундагы өз ара аракеттенүү чагылдырган коэффициенттер. **Мисалы,**жабык жашоо чөйрөсү каралат, анда эки түрү жашайт - чөп жегичтер («жем») жана жырткычтар. Жаныбарлар туурап кетпейт, эмиграция кылбайт, чөп жегичтер үчүн тамак-аш мол болот деп болжолдонууда. Анда жырткычтардын санынын өзгөрүшүнүн теңдемеси (жырткычтарды эсепке албаганда) төмөнкү форманы алат:

$$\frac{dx}{dt} = \alpha x,$$

мында α - жабырлануучулардын төрөлүү көрсөткүчү, $x$ - жабырлануучулардын калкынын саны, $\frac{dx}{dt}$ - жабырлануучулардын санынын өсүү темпи.

Жырткычтар аңчылык кылбаганы менен өлүп калышат, ошондуктан жырткычтардын көптүгү үчүн (жемдигинин санын эсепке албаганда) теңдеме төмөнкүдөй формада болот:

$$\frac{dy}{dt} = -\gamma y,$$

мында γ - кырылган жырткычтардын коэффициенти, $\frac{dy}{dt}$ - жырткычтардын популяциясынын өсүү темпи.

Жырткычтар менен жырткычтар кездешкенде (жыштыгы $xy$ маанисине түз пропорционалдуу) курмандыктар β коэффициенти менен өлтүрүлөт, жакшы тамактанган жырткычтар δ коэффициенти менен көбөйүүгө жөндөмдүү. Муну эске алуу менен моделдин теңдемелер системасы төмөнкүдөй:

$$\begin{cases} \frac{dx}{dt} = \alpha x - \beta xy = (\alpha - \beta y)x \\ \frac{dy}{dx} = -\gamma y + \delta xy = (\delta x - \gamma)y \end{cases}.$$

**Маселе чыгаруу**

1.Системанын тең салмактуу абалын табуу.

$\overline{x} > 0$, $\overline{y} > 0$ тең салмактуулук абалы үчүн популяциянын өлчөмүнүн өзгөрүүсү нөлгө барабар. Демек:

$$\alpha \overline{x} - \beta \overline{x}\,\overline{y} = 0,$$

$$-\gamma \overline{y} + \delta \overline{x}\,\overline{y} = 0,$$

андан тегерете термелүүлөр боло турган тең салмактуулук чекити төмөнкүчө аныкталат:

$$\overline{x} = \frac{\gamma}{\delta},$$

$$\overline{y} = \frac{\alpha}{\beta}.$$

2.Системасынын кичинекей өзгөрүүлөр.

Сандардын тең салмактуу маанилеринен кичине четтөөлөрүнүн жүрүм-турумун, б.а. $\tilde{x} = x - \bar{x}$ жана $\tilde{y} = y - \bar{y}$ убакытындагы өзгөрүшүн карап көрөлү. Кичинекей абсолюттук маанисинен улам квадраттар, кубтар жана андан кийинки даражалар ($\tilde{x}^n$ жана $\tilde{y}^n$) этибарга алынбай калышы мүмкүн. Ордуна коюу менен

$$x = \bar{x} + \tilde{x},$$

$$y = \bar{y} + \tilde{y},$$

моделдик теңдемелерде биз болжол менен алабыз:

$$\frac{d\tilde{x}}{dt} = -\frac{\beta\gamma}{\delta}\tilde{y}$$

$$\frac{d\tilde{y}}{dt} = \frac{\delta\alpha}{\beta}\tilde{x}$$

Бул теңдемелердин бирин дифференциялоо жана аны экинчисине алмаштыруу төмөнкү натыйжаны берет:

$$\frac{d^2\tilde{x}}{dt^2} = -\frac{\beta\gamma}{\delta}\frac{\delta\alpha}{\beta}\tilde{x} = -\alpha\gamma\,\tilde{x},$$

$$\frac{d^2\tilde{x}}{dt^2} + \alpha\gamma\,\tilde{x} = 0.$$

Пайда болгон туюнтма мезгил менен Т = $\frac{2\pi}{\sqrt{\alpha\gamma}}$ болгон гармоникалык осциллятордун дифференциалдык теңдемеси.

3.Системадагы чектүү термелүүлөр.

$$H(x, y) = \delta x - \gamma \ln x + \beta y - \alpha \ln y$$

функциясы системанын чечимдеринде туруктуу.

Чынында:

$$\frac{dH}{dt} = \delta\frac{dx}{dt} - \frac{\gamma}{x}\frac{dy}{dt} + \beta\frac{dy}{dt} - \frac{\alpha}{y}\frac{dy}{dt} = \delta(\alpha x - \beta xy) - \gamma(\alpha - \beta y) + \beta(-\gamma y + \delta xy) - \alpha(-\gamma + \delta x) = 0.$$

Н функциясы бир өзгөрмөнүн эки функциясынын суммасы:

$$H(x, y) = U(x) + V(y),$$

мында

$$U(x) == \delta x - \gamma \ln x,\ V(y) = \beta y - \alpha \ln y.$$

$x > 0$ үчүн функция чексиз $U$ жана $y = \bar{y}$ учурунда бир глобалдык минимумга ээ, мында $\bar{x}$ жана $\bar{y}$ тең салмактуу чоңдуктар. Демек, $H$ функциясы $(\bar{x}, \bar{y})$ чекитинде бирдиктүү глобалдык минимумга ээ, ал тең салмактуулук абалы болуп саналат жана $x,y > 0$ үчүн бардык тең салмактуу эмес деңгээлдеги $H(x,y) = E$ сызыктары жабык жана баштапкы сандарга көз каранды болгон мезгилдүү термелүүлөргө туура келет.

**Чектик маселелер.** Чектик маселелер дифференциалдык теңдемелерде орто жашоо шарттарынын жана экосистемалардын чектелүү шарттарынын ролун маанилүү көрсөтөт. Көбүнчө ушул шарттарга ылайык биологиялык процесс учурунда чектелген шарттар ( мисалы, популяциянын санын чектелиши, ресурстардын чектелиши) чечилүүгө муктаж.

Чектик маселелерди чечүүдө негизги максат – популяциялардын, экосистемалардын чектелген ресурс менен кантип иштерин жана бул чектөөлөрдүн бтологиялык процесстерге кандай таасир этээрин түшүнүү. Эгерде, клеткалардын көбөйүшүндө чектелген ресурс көптөгөн учурларда кыйла чоң роль ойнойт, эмнеге дегенде алардын өнүгүшү белгилүү шарттардын негизинде болот.

***Жыйынтыктоо***

Экинчи тартиптеги дифференциалдык теңдемелер биологиялык системаларды моделдөөдө негизги ролду ойнойт. Экинчи тартиптеги дифференциалдык теңдемелер популяциянын динамикасы, клеткалардын өсүшү, экосистемалардагы агымдар жана ооруларды моделдөөдө колдонулат. Чектик маселелер, теңдемелерди чечүүдө маанилүү аспект болуп саналат, эмнеге дегенде чектелеген ресуртар жана шарттар биологиялык процесстерге түздөн- түз таасир берет. Биологияда мындай теңдемелердин колдонулушу организмдердин, экосистемалардын динамикасын терең түшунүүгө жардам берет.

***Колдонулган адабияттар***:

1. Н. Н. Боголюбов. Дифференциальные уравнения с краевыми и начальными условиями" (Differential Equations with Boundary and Initial Conditions) – 1960.

2. В. И. Арнольд. ”Математическая экология” (Mathematical Ecology) - 1978.

3. А. С. Савельев. ”Экологические модели” (Ecological Models) – 1989.

4. В. В. Прилепин. “Введение в математическое моделирование в биологии и экологии”(Introduction to Mathematical Modeling in Biology and Ecology) – 1991.

5. В. И. Боярский ”Математические модели в экологии” (Mathematical Models Ecology) – 1985.

6. М. А. Сеитов. "Биология жана экология" – 1995.

7. Э. С. Абдулаева "Экология жана экологиялык системалар" – 2000.

| ОГЛАВЛЕНИЕ | СТР |
|---|---|
| **РАЗДЕЛ: БИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ** | |
| **ИЧИЛҮҮЧҮ СУНУН КУРАМЫНДАГЫ ТУЗДАРДЫН АНАЛИЗИ**<br>*Матураимова Н. А., Усенбай к Д.* | 5 |
| **РАЗДЕЛ: ГУМАНИТАРНЫЕ НАУКИ** | |
| **БИЛИМ БЕРҮҮДӨ МААЛЫМАТТЫК РЕСУРСТАРДЫ КОЛДОНУУДАГЫ КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА ЧЕЧҮҮ ЖОЛДОРУ**<br>*Абдикеримова Зиягүл Ибрагимовна* | 13 |
| **САНАРИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯСЫ**<br>*Осмонова Нургул Таштановна, Бакытбек кызы Гүлзада* | 20 |
| **РОЛЬ ИСКУССТВЕННОГО ИНТЕЛЛЕКТА И ИННОВАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ЦИФРОВОМ ОБРАЗОВАНИИ**<br>*Осмонова Нургул Таштановна, Бакытбек кызы Гүлзада* | 27 |
| **ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАР - ФИЗИКАНЫ ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫ АКТИВДЕШТИРҮҮНҮН КАРАЖАТЫ КАТАРЫНДА**<br>*Молдокеримова Э.К., Асан кызы Наздана* | 33 |
| **8-КЛАССТА ЖЫЛУУЛУК КУБУЛУШТАРЫН ОКУТУУ**<br>*Жаманкулова Ю.* | 39 |
| **ФИЗИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЫГАРУУДА ПРОБЛЕМАЛЫК ОКУТУУНУН ЭЛЕМЕНТТЕРИН КОЛДОНУУ**<br>*Адылжан кызы Мафтунахан* | 44 |
| **ЖАРЫК КУБУЛУШТАРЫН ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ**<br>*Молдокеримова Э.К., А.Тайирова* | 49 |
| **БИЛИМ БЕРҮҮДӨ МААЛЫМАТТЫК РЕСУРСТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУНУН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ**<br>*Абдикеримова Зиягүл Ибрагимовна* | 55 |
| **ИНФОРМАТИКА САБАГЫНДА ОЮН МААЛЫМАТ ПЛАТФОРМАЛАРЫН КОЛДОНУУДА КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮ** | 62 |

| | |
|---|---|
| **ӨНҮКТҮРҮҮ**<br><br>*Шермамат кызы Гүлдаана* | |
| **ЖАРЫМ ӨТКӨРГҮЧТӨРДҮН КАСИЕТТЕРИН ОКУТУУНУН УСУЛУ**<br><br>*Мырзабек кызы Бегимай, Молдокеримова Эктибар Карабековна* | 68 |
| **“ЖАРЫМ ӨТКӨРГҮЧТҮҮ КҮН БАТАРЕЯЛАРЫ” ТЕМАСЫН ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫ ФИЗИКАГА КЫЗЫКТЫРУУНУН ЖОЛДОРУ**<br><br>*Мырзабек кызы Бегимай, Молдокеримова Эктибар Карабековна* | 74 |
| **ГЕНЕАЛОГИЧЕСКАЯ КЛАССИФИКАЦИЯ ЯЗЫКОВ. ФАКТОРЫ ГЕНЕАЛОГИЧЕСКОГО СХОДСТВА (на примере региональных языков)**<br><br>*Калыбекова З.С., Ахмедова С.Р., Султанбаева Д.Т.* | 83 |
| **ТӨЛӨГӨН КАСЫМБЕКОВДУН “АДАМ БОЛГУМ КЕЛЕТ” ПОВЕСТИНДЕГИ ПСИХОЛОГИЗМ**<br><br>*Абазова Токтобү Сапарбековна* | 91 |
| **ТӨЛӨГӨН КАСЫМБЕКОВДУН “АДАМ БОЛГУМ КЕЛЕТ” ПОВЕСТИНДЕГИ ЭТИКАЛЫК-МОРАЛДЫК МАСЕЛЕЛЕРДИН КОЮЛУШУ ЖАНА ЧЕЧМЕЛЕНИШИ**<br><br>*Абазова Токтобү Сапарбековна* | 95 |
| **КЫРГЫЗ ПАРЕМИОЛОГИЯСЫНДАГЫ МАКАЛ-ЛАКАПТАРДЫН ИНВАРИАНТТУУЛУГУН ИЗИЛДӨӨ**<br><br>*Айылчиева Д. Т., Аятова А.А.* | 100 |
| **ПРОВЕРБИАЛЬНЫЕ ЕДИНИЦЫ ЯЗЫКА КАК ОТРАЖЕНИЕ ЭТНОЯЗЫКОВОГО СВОЕОБРАЗИЯ**<br><br>*Калмурзаева А.А., Балтабаева Э.М., Жабакова А. М.* | 106 |
| **РАЗДЕЛ: ТЕХНИЧЕСКИЕ НАУКИ** | |
| **СОВРЕМЕННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИНСТРУМЕНТЫ ТОПОГРАФИЧЕСКОЙ СЪЕМКИ В КЫРГЫЗСТАНЕ**<br><br>*Омурбеков Нурсултан Рашидович, Султаналиева Турсунбубу* | 113 |
| **РАЗДЕЛ: ФИЗИКО-МАТЕМАТИЧЕСКИЕ НАУКИ** | |

| | |
|---|---|
| **ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕРДИ БИОЛОГИЯДА ЖАНА МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ**<br><br>*Джураев А.М., Чолпонбай к Роза* | 121 |
| **ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕРДИН ФИЗИКАДА КОЛДОНУЛУШУ**<br><br>*Джураев А.М., Чолпонбай к Роза* | 127 |
| **ЭКИНЧИ ТАРТИПТЕГИ ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕРДИН ЖАНА ЧЕКТИК МАСЕЛЕЛЕРДИН КОЛДОНУЛУШУ**<br><br>*Джуреав Абубакир Мухтарович, Эмилбек кызы Сезимай* | 133 |